# 2022-жылга карата “Кыргызнефтегаз” Ачык акционердик коомунун жана анын түзүмдүк бөлүмдөрүнүн ишине жүргүзүлгөн шайкештик аудити жөнүндө отчет

2023-жылга Кыргыз Республикасынын Эсептөө палатасынын аудитордук иш планына жана Кыргыз Республикасынын Эсептөө палатасынын 2023-жылдын 19-сентябрындагы №06-1/744, 2023-жылдын 1-ноябрындагы №06-1/860 буйруктарына ылайык, аудитор А.А.Раматилаевдин жетекчилиги алдында, башкы мамлекеттик инспекторлор Т.Т. Шаменов, З.С. Солпуева тарабынан 2022-жылга карата “Кыргызнефтегаз” Ачык акционердик коомунун жана анын түзүмдүк бөлүмдөрүнүн ишине шайкештик аудити жүргүзүлгөн.

**Жооптуу тараптар жана аудит субъектиси**

Бул аудитке карата жооптуу тарап жана аудит субъектиси болуп “Кыргызнефтегаз” Ачык акционердик коому (мындан ары - “Кыргызнефтегаз” ААКсы, Коом) эсептелет.

**Жооптуу тараптын милдеттери**

“Кыргызнефтегаз” ААКсынын жалпы милдеттерине мыйзамдуу орган тарабынан өкүлдөлгөн ыйгарым укуктарды ишке ашыруу жана Коомдун каражаттарын тескөө, ошондой эле  ушул аудиттин предметине карата жоопту болуу кирет.

Жүргүзүлгөн аудитке карата “Кыргызнефтегаз” ААКсынын жетекчилиги бардык суралган маалыматтардын даярдалышына жана туура берилишине, финансылык отчеттуулуктун эл аралык стандарттарына (ФОЭСке) туура келишине, Кыргыз Республикасынын мыйзам талаптарынын сакталышына жана Коомдун натыйжалуу иштеши үчүн зарыл болгон деп жетекчилик эсептеген ички контролдоо тутумуна жооп берет.

**Аудиттин милдети**

Аудиттин милдети, жүргүзүлгөн аудиттин негизинде “Кыргызнефтегаз” ААКсынын ишинин критерийлерге ылайыктуулугу боюнча өз алдынча корутундуга келүү. Аудит корутундуларды тастыктоо үчүн жетиштүү далилдерди алуу үчүн жол-жоболорду аткарууну камтыйт. Аткарылган жол-жоболор аудитордун кесипкөй чечимине, анын ичинде алдамчылыктын же катанын кесепетинен жол берилген олуттуу ылайык келбөөчүлүк тобокелдигине баа берүүгө көз каранды. Аудиттин аткарылуучу жол-жоболору бул жагдайларда ылайыктуу деп эсептейбиз. Чогултулган аудитордук далилдер ушул отчетто баяндалган корутундулар үчүн негизди камсыз кылуу үчүн жетиштүү жана ылайыктуу болуп саналат деп эсептейбиз.

**Аудиттин предмети**

Жогоруда белгиленген убакыт аралыгында аудиттин көлөмүнө киргизилген конкреттүү иш-чаралар төмөнкүлөр болду:

- Кыргыз Республикасынын Эсептөө палатасынын буга чейинки аудитинин жыйынтыгы боюнча жазма буйруктун жана сунуштаманын аткарылышын талдоо;

- Ченемдик укуктук актыларды, локалдык актыларды жана аудитке жеткиликтүү болгон башка отчетторду изилдөөнүн натыйжалары боюнча аудиттин багыттарын аныктоо;

- “Кыргызнефтегаз” ААКсынын бюджетинин түзүлүшүн жана аткарылышын жана техникалык-экономикалык көрсөткүчтөрдү талдоо;

- Чыгымдардын бардык беренелери боюнча кирешелердин жана чыгымдардын түзүлүшү;

- Кассага, касалык жана казыналык операцияларга аудит жүргүзүү;

- Коомдун 2022-жылга ишмердүүлүгүнүн жыйынтыгы менен пайда жана чыгым отчетун талдоо;

- Жылдын жыйынтыгы боюнча төлөнгөн дивидендтерге аудит;

- Коомдун акча каражаттарынын кыймылы;

- Эмгек акыга жана башка төлөмдөргө аудит;

- Социалдык фонду менен эсептешүүлөрдүн абалы;

- Өлкө ичиндеги иш-сапарынын чыгымдарына жана отчет берүүчү адамдар менен эсептешүүлөргө аудит;

- Ижара мамилелерге аудит;

- Мамлекеттик сатып алуулар чөйрөсүндө мыйзамдын сакталышы;

- Дебитордук жана кредитордук карыздардын пайда болушунун аныктыгы;

- жана башка маселелер.

**Аудиттин критерийлери:**

- “Кыргызнефтегаз” ААКсынын Уставы;
- Кыргыз Республикасынын Эмгек кодекси;
- “Акционердик коомдор жөнүндө” Кыргыз Республикасынын Мыйзамы;
- “Бухгалтердик эсеп жөнүндө” Кыргыз Республикасынын Мыйзамы;
- “Мамлекеттик сатып алуулар жөнүндө” Кыргыз Республикасынын Мыйзамы;
- Кыргыз Республикасынын Өкмөтүнүн 2008-жылдын 26-августундагы № 471 "Командировкалык чыгымдардын нормаларын белгилөө жана алардын ордун толтуруунун тартиби жөнүндө" токтому;
- Кыргыз Республикасынын Министрлер Кабинетинин 2022-жылдын 10-июнундагы № 301 “Мамлекеттик жана муниципалдык ишканалар, уставдык капиталдагы катышуу үлүшүнүн 50 жана андан ашык пайызы мамлекетке таандык болгон чарбакер коомдор, анын ичинде алардын туунду чарбалык коомдору тарабынан сатып алууларды уюштуруунун жана ишке ашыруунун типтүү тартибин бекитүү тууралуу” токтому;
- Кыргыз Республикасынын Өкмөтүнүн 1999-жылдын 26-июлундагы № 408 “Эмгек акыга кирүүчү кошумча төлөмдөрдүн” тизмеси” токтому;

- Кыргыз Республикасынын Өкмөтүнүн 2013-жылдын 18-февралындагы №83 токтому менен бекитилген “Мамлекет жөнгө салуучу чарбакер субъекттердин товарларына (жумуштарына, кызмат көрсөтүүлөрүнө) бааларды (тарифтерди) аныктоонун тартиби жөнүндө” жобо;
- Кыргыз Республикасынын Өкмөтүнүн 12.06.2018-жылдагы №281 токтому менен бекитилген “Кыргыз Республикасында чарбакер субъекттердин жана бюджеттик мекемелердин кассалык операцияларды жүргүзүү” тартиби;
- “Мамлекеттик, анын ичинде административдик курулмаларды, имараттарды пайдалануу үчүн ижара акысын эсептөө тартиби жөнүндө нускаманы бекитүү тууралуу” Кыргыз Республикасынын Экономика министрлигинин 2016-жылдын 26-январындагы №8 буйругу (Кыргыз Республикасынын Экономика жана коммерция министрлигинин 2023-жылдын 16-январындагы №3 буйругуна ылайык күчүн жоготту);
- Коомдун эсеп саясаты;
- Коомдун ички жоболору, буйруктары, нускамалары жана Коомдун иш процессин жөнгө салуучу ченемдик-техникалык документтер.

**Ишти аткарууда колдонулган аудиттин стандарттары**

Иш INTOSAI аудитинин негизги принциптерине жана шайкештик аудити үчүн жетектөөчү көрсөтмөлөргө, атап айтканда ISSAI 400 жана ISSAI 1400 (2015-жылы кайрадан каралган), ошондой эле Кыргыз Республикасынын Эсептөө палатасынын Кеңешинин 2018-жылдын 19-декабрындагы №01-26/123 жана 2021-жылдын 29–мартындагы №01-26/56 токтомдору менен бекитилген шайкештик аудити жөнүндө колдонмого ылайык жүргүзүлдү.

**Этикалык талаптарга шайкештиги**

Аудиттин эл аралык стандарттары этикалык ченемдердин сактоосун, ошондой эле “Кыргызнефтегаз” ААКсынын ишинин бардык олуттуу аспекттеринде тиешелүү мыйзамдарга жана жөнгө салуучу ченемдерге ылайык келээрине негиздүү ишеним ала тургандай аудитти пландаштырууну жана өткөрүүнү талап кылат.

“Кыргызнефтегаз” ААКсында аудит жүргүзүү “Шайкештик аудит жүргүзүү” колдонмосунун шарттарына ылайык жүргүзүлүп, форма №3 - шайкештик аудит жүргүзүү үчүн колдонулуучу “Олуттулуктун” эсеби боюнча “КНГ” ААКсынын жалпы олуттуулугунун көлөмү (2 % менен) чыгашалар боюнча 67,5 млн. сомду түзөт.

Олуттуулуктун негизинде аудитке “Кыргызнефтегаз” ААКсынын аппараты, нефти жана газ өндүрүү, бургулоо иштери жана технологиялык транспорт башкармалыктары, газ сатуу жана таза суу менен камсыз кылуу участоктору камтылды.

“Кыргызнефтегаз” ААКсы боюнча жалпы чыгашалар эсебинен алынган олуттуулуктун көлөмү менен аудитке эмгек акы, социалдык төлөмдөр, амортизация, материал чыгымдары, транспорт, кызмат көрсөтүү жана ар

түрдүү чыгымдары алынды.

**Кыргыз Республикасынын Эсептөө палатасынын мурдагы аудитинин жыйынтыктары боюнча жазма буйруктун жана сунуштаманын аткарылышы**

Кыргыз Республикасынын Эсептөө палатасынын мурунку аудитинин жыйынтыктары боюнча “Кыргызнефтегаз” ААКсына жөнөтүлгөн 2023-жылдын 29-мартындагы №01-20/27 жазма буйрук жана 2023-жылдын 29-мартындагы №01-20/26 сунуштама толугу менен аткарылган.

**Аткарылган иштерди кыскача баяндоо**

Ушул аудиттин алкагында кесипкөй пикирди колдондук жана аудиттин бүтүндөй мезгил аралыгында кесиптик скептицизм сакталды. Мындан сырткары, төмөндөгүлөр аткарылды:

- Жыйынтыгында туура эмес иш-аракеттерге жана каталарга алып келген, Коомдун ишин жөнгө салуучу ченемдик-укуктук актылардын каржы-чарба ишине олуттуу дал келбестик тобокелдигин аныктоо жана баалоо; бул тобокелдиктерге жооп катары аудитордук жол-жоболорду иштеп чыгабыз жана өткөрөбүз, биздин пикирди билдирүү үчүн негиз болгон, жетиштүү жана талаптагыдай аудитордук далилдерди алуу үчүн аудитордук жол-жоболорду алабыз. Катанын жыйынтыгында олуттуу бурмалоолорду, тобокелдикти аныктабоого караганда, туура эмес иш-аракеттердин натыйжасында олуттуу бурмалоону аныктабоо тобокелдиги, анткени, туура эмес иш-аракеттер ичинен сүйлөшүп алууну, документтерди окшоштуруп жасоону, атайылап өткөрүп жиберүүнү, ички контролдоо тутумунан сырткары иш-аракеттерди же бурмаланган маалыматтарды берүүнү камтышы мүмкүн;
- Тиешелүү жагдайларга жараша аудитордук жол-жоболорду иштеп чыгуу максатында, аудит үчүн мааниси бар ички контролдоо тутуму изилденди;
- Коомдун ишинин ар кандай чөйрөсүндө колдонулган ченемдик-укуктук актылардын талаптагыдай мүнөздөрүн баалайбыз;
- Анын натыйжасында, Коом өзүнүн ишин туруктуу улантуу жөндөмдүүлүгүнө олуттуу күмөн саноо пайда болушу мүмкүн болгон окуяларга жана шарттарга байланыштуу олуттуу ачык эместиктин болгондугу же жоктугу жөнүндө алынган аудитордук далилдердин-корутундулардын негизинде, жетекчилик тарабынан иштин туруктуулугуна жол берилген, колдонулган укуктуулук жөнүндө корутунду жасайбыз.

Корпоративдүү башкарууга жооп берген адамдарга маалымат берилгенге чейин, ушул отчеттогу маселелердин ичинен, аудит мезгили аралыгына карата Коомдун ишине аудит жүргүзүү үчүн маанилүү болгон негизги маселелерди аныктайбыз. Бул маселелер жөнүндө маалыматтар ачык жарыялоого тыюу салынган учурдан сырткары, аудитордук корутундуга бардык маселелерди баяндайбыз.

**Корутунду**

Жүргүзүлгөн аудиттин жыйынтыктары менен, “Кыргызнефтегаз” ААКсынын иши төмөндө баяндалган айрым жагдайларды кошпогондо, жалпысынан бардык олуттуу аспекттерде мыйзамдын талаптарына шайкеш келери аныкталды.

## Аудит объектисине кыскача мүнөздөмө

“Кыргызнефтегаз” ААКсы мурунку “Кыргызнефть” өндүрүштүк бирикмесинин базасында түзүлгөн.

Уставына ылайык, Коомдун негизги ишинин түрлөрү болуп, төмөндөгүлөр эсептелет:

- нефть жана газды өндүрүү;
- нефтепродуктыларды камтуу менен, нефтини иштеп чыгуу жана аны сатуу;
- геологиялык чалгындоо иштерин жүргүзүү;
- нефть, газ жана башка чыккан жерлерди иштеп чыгуу;
- Кыргыз Республикасынын мыйзамдарына ылайык, нефтини жана газды өндүрүү боюнча тышкы экономикалык өз алдынча ишти жүргүзүү.

“Кыргызнефтегаз” ААКсынын уставдык капиталы 1 040 582,0 миң сомду түзгөн, ал төмөндөгүдөй бөлүштүрүлгөн:

- Кыргыз Республикасынын Министрлер Кабинетине караштуу Мамлекеттик мүлктү башкаруу боюнча мамлекеттик агенттиги - 85,16 % (20 611 928 акциялар) 886 192,7 миң сом суммасында;
- Кыргыз Республикасынын Социалдык фонду - 3,92 % (948 795 акциялар) 40 792,7 миң сом суммасында;
- башка юридикалык жактар - 3,08 % (744 937 акциялар) 38 028,0 миң сом суммасында;
- жеке жактар – 6,26 % (1 513 612 акциялар) 67 028,6 миң сом суммасында.

Коом мураскер, көз карандысыз жана башка чарбалык коомго ээ, “Кыргызнефтегаз” ААКсынын уставдык капиталындагы каражаттарынын жалпы суммасы 2021-жылдын 1-январына карата 4992,0 миң сомду түзгөн:

**(миң сом)**

| **№** | **Уюмдун аталышы** | **УКдагы үлүштүн өлчөмү (%)** | **Суммасы** |
|---|---|---|---|
| 1 | “Кыргыз Петролеум Компани” ЖАКы | 100,0 | 100,0 |
| 2 | “Ока-Керамика” ЖЧКсы | 26,28 | 4 742,0 |
| 3 | “КНГ Гидрокарбонс” ЖАКы | 28,0 | 112,0 |
| 4 | “Кыргызнефтемаш” ЖЧКсы | 51,0 | 20,0 |
| 5 | “Южная Нефтяная Компания” ЖАКы | 5,0 | 5,0 |
| 6 | “Южный Деррик” ЖЧКсы | 30,0 | 3,0 |
| 7 | “Юни Мед Вотерс” ЖАКы | 10,0 | 10,0 |
| | **Бардыгы** | | **4992,0** |

2022-жылга Коомдун кызматчыларынын жана жумушчуларынын эмгек акы фонду 1 212 965,3 миң сом менен  орточо саны  2477 адамды түзгөн, орточо эмгек акы  40812 сомду түзгөн.

“Кыргызнефтегаз” ААКсынын түзүмүнө төмөндөгүлөр бүтпөгөн балансстары менен кирет: Нефть жана газ өндүрүү башкармалыгы (НГӨБ), Кыргыз бургулоо иштеринин башкармалыгы (КБИБ), Технологиялык транспорттор башкармалыгы (ТТБ), Суу менен камсыздоо участогу (СКУ), Газ сатуу участогу (ГСУ), “Кыргызнефть” ААКсынын  Бишкек шаарындагы өкүлчүлүгү, Сүт-азыктар цехи.

Кыргыз Республикасынын “Лицензиялоо жөнүндөгү” мыйзамдарына ылайык Кыргыз Республикасынын Жаратылыш ресурстары, экология жана техникалык көзөмөл министрлигине караштуу Геология жана жер казынасын пайдалануу департаменти тарабынан ишмердиктин түрлөрүнө лицензиялар берилген.

Ошондой эле, “Кыргызнефтегаз” ААКсынын ишине жүргүзүлгөн шайкештик аудитинин алкагында, анын туунду компаниясы “Кыргыз Петролеум Компани” Жабык акционердик коомунун ишине аудит жүргүзүлгөн.

## “Кыргызнефтегаз” Ачык акционердик коомунун ишине анализ

“Кыргызнефтегаз” ААКсы тарабынан 2022-жылы өндүрүштүк иштин натыйжалары боюнча план 160,0 миң тн. мунай, иш жүзүндө 178,0 миң тн. мунай өндүрүлгөн же 18,0 миң тн. мунай ашык өндүрүлүп, пландын аткарылышы 111,3 %ды түздү.

Жаратылыш газы план 25,0 млн. кубометр, иш жүзүндө 29,879 млн. куб метр өндүрүлдү. Жаратылыш газы 4 млн 879 миң куб метрге ашыкча өндүрүлүп, план 119,5 %га аткарылды.

2022-жылы мунай скважиналарын капиталдык ремонттоо, аракетсиз скважиналарды эксплуатацияга берүү, скважиналарды компрессирлөө, мунай өндүрүүнү интенсификациялоо ыкмаларын жасоо, скважиналарды оптимизациялоо, газ скважиналарын капиталдык ремонттоо ж.б. боюнча геологиялык-техникалык иш-чаралар аткарылган. Пландалган 30 скважинада пластты гидравликалык жардыруу ыкмасы колдонулуп, бул ыкма аркылуу пландын негизинде алынуучу 4202,0 тонна мунай, иш жүзүндө 9534,545 тонна ашыкча алынган. Бардыгы болуп 161 скважина боюнча геологиялык-техникалык иш-чаралар пландалып, иш жүзүндө 122 скважина боюнча иш-чаралар жүргүзүлүп, пландалган 9 300,0 тн. мунайдын ордуна, иш жүзүндө 12 709,939 тн.мунай өндүрүлүп алынган.

## Геологиялык чалгындоо иштери

2022-жыл ичинде Майлы-Суу IV - Чыгыш Избаскент, Тамчы, Чангыр-Таш, Кайрагач кендеринде жана Майлы-Суу IV - Чыгыш Избаскент кенинин

Түндүк Избаскент участкасында өндүрүштүк пласттарды бургулоо жана сыноо боюнча иштер жүргүзүлгөн:

| | Аталышы | Өлчөө бирдиги | 2022-жыл | | % аткарыл. |
|---|---|---|---|---|---|
| | | | План | Факт | |
| | Издөө-чалгындык бургулоо | Сызык.м | 2680 | 2355 | 87,87 |
| | Бургулоо жумуштары көлөмү | миң сом | 97000,4 | 56091,8 | 57,83 |
| | Сейсмочалгындоо | Сызык.м. | 60,0 | 60,08, | 100,13 |
| | Сейсмочалгындык жумуштар көлөмү | миң сом | 40039,35 | 37393,84 | 93,39 |
| | ГЧЖ көлөмү боюнча жалпы | миң сом | 137039,7 | 93 485,64 | - |
| | Эксплуатациялык бургулоо | Сызык.м. | 35970 | 42647 | 118,56 |
| | | миң сом | 1099086,7 | 703059,1 | 63,97 |
| **Бургулоо жумуштар боюнча баары** | | **миң сом** | **1373166,15** | **890030,38** | **-** |

## Геологочалгындык жана геологиялык издөө аянттары боюнча

2022-жылга Междуреченская участкасында 60,0 погондук км. көлөмүндө сейсмикалык чалгындоо иштери пландаштырылган.

Отчеттук мезгилде "Фергана өрөөнүнүн түндүк-чыгыш бөлүгүндө жайгашкан "Кыргызнефтегаз" ААКсынын лицензияланган аймагындагы Междуреченская аянтында МГТ-2Д сейсмикалык геологиялык чалгындоо иштерин жүргүзүү" техникалык долбоору түзүлүп, өнөр жай коопсуздугу, жер казынасын коргоо жана айлана-чөйрөнү коргоо боюнча эксперттерден оң корутундулары алынган.

Иш жүзүндө 60,08 погондук км. көлөмүндө 37393,84 миң сом суммасында сейсмикалык чалгындоо иштери рекультивациялоо иштери жүргүзүлбөстөн бүткөрүлүп, 10 сейсмикалык профиль иштетилди.

2021-жылдын ноябрында Мамлекеттик корумдар комитетинин 2021-жылдын 29-октябрындагы № 1693 протоколунун негизинде "Избаскент-Алаш аянтын геологиялык чалгындоо жумуштарды жүргүзүүдөн кенди иштетүүгө лицензияны трансформациялоо жөнүндө" арыз берилип, Избаскент-Алаш лицензиялык аянтынын палеоген кендеринин корумдарын эсептөө менен отчет тапшырылды, мында Избаскент-Алаш аянты шарттуу түрдө 3 аянтка бөлүнөт: Чыгыш Избаскент, Түндүк Избаскент жана Алаш.

Ошентип, аймактар боюнча мунай корумдарынын бекитилген көлөмү:

- Чыгыш Избаскент: баланстык - 3623,454 миң тонна, алынуучу - 529,875 миң тонна;

- Түндүк Избаскент: баланстык - 9718,166 миң тонна, алынуучу - 1546,415 миң тонна;

- Алаш: баланстык - 591,461 миң тонна, алынуучу - 175,349 миң тоннаны түздү.

Жогорудагы 3 аянтка лицензия 2022-жылдын 16-августунда кенди иштетүү максатында жер казынасын пайдалануу укугу үчүн берилген.

## Чалгындык бургулоо иштери

2022-жылга 2680 м. чалгындык бургулоо пландалган. Отчеттук мезгилде Избаскент-Алаш аянтында №4 скважина аркылуу ачылган горизонттордун өндүрүмдүүлүгүн сыноо боюнча иштер жүргүзүлүп, № 5 скважинаны

бургулоо иштери башталды. 2022-жылга карата чалгындык бургулоо иштеринин иш жүзүндөгү жүрүшү 2355 м. түзөт.

№ 4 скважина 2021-жылдын 8-октябрында бургуланып башталган, долбоордук тереңдиги 2100 м., долбоордук горизонт VII пласт, скважина вертикалдуу. Иш жүзүндө 2058 м. тереңдикте каротаждын жыйынтыгы боюнча долбоордук горизонт, ошондой эле IX катмар ачылган.

2021-жылдын декабрь айында IX пласты 2046-2050 м интервалында сыноо жүргүзүлүп, аэразациядан кийин суткасына 0,34 $м^3$ дебит менен мунай тасмасы менен суу алынган.

Скважинага 2022-жылга сыноо өткөрүлдү. 2018 м. тереңдикте цемент көпүрө орнотулуп, VII пласты 2014-2016 м., 2018-2021 м. интервалдарда перфорацияланган. Аэразациядан кийин суткасына 1,3 $м^3$ дебит менен мунай тасмалуу суу алынган.

2025-2012 м. интервалында цемент көпүрө орнотулган. Цемент каткандан кийин 1989-2014м. интервалында цемент көпүрө бургуланган.

VII пласт 2001-2006 м. интервалда перфорацияланган, суюктуктун агымы 2,7 $м^3$/сутка болуп – мунай тасмалуу суу алынган. VII пластын изоляциялоо үчүн 1997-1985 м интервалда цемент көпүрө орнотулган.

V катмары 1972-1975 м интервалда перфорацияланган, суткасына 2,5 $м^3$ агым менен суюктук агып чыгып – мунай тасмалуу суу алынган. 1917 м. тереңдикте цемент көпүрөсү V пластты изоляциялоо жана үстүңкү III катмарды сыноо үчүн орнотулган. III пласт 1856-1859 м, 1861-1864 м. интервалдарда перфорацияланган. 2,7 $м^3$/сут. суюктук агып чыккан – мунай тасмалуу суу алынган. 2022-жылдын 28-апрелде скважина өздөштүрүүгө берилген.

№ 5 скважина чалгындык, бургулоо иштери 2022-жылдын 19-сентябрында башталган. Скважинанын долбоордук тереңдиги 2450 м., долбоордук горизонт XV пласт.

01.01.2023-жылга карата скважина 2355 м. тереңдикке бургуланды.

## Эксплуатациялык бургулоо

2022-жылы Майлы-Суу IV - Чыгыш Избаскент жана Тамчы кендеринде 35 970 м. бургулоо пландаштырылган. Майлы-Суу IV – Чыгыш Избаскент, Тамчы жана Чангыр-Таш кендеринде эксплуатациялык бургулоо иштери, ошондой эле мурда бургуланган скважиналарды сыноо жүргүзүлдү. Иш жүзүндөгү бургулоо иштеринин жүрүшү 42647 м., пландын аткарылышы 118,56 %ды түзөт.

Тамчы кениндеги №26 скважина 03.01.2022-жылы бургулана баштаган. Скважинанын долбоордук тереңдиги 2540 м., долбоордук горизонт түптөн 263 м. 60° азимут боюнча жылуу менен IV пласт.

758 м. тереңдикке жеткенде 709,9 м. тереңдиктеги скважинага диаметри 245 мм кондуктор түшүрүлүп, цементтелген. Цемент каткандан кийин бургулоо бурчтун жана азимуттун өсүшү менен улантылды. Скважинаны 2554 м. тереңдикке бургуланып, каротаждык изилдөөлөрдүн толук

комплекси жүргүзүлүп, диаметри 146 мм. эксплуатациялык колонна 2499,25 м. тереңдикке түшүрүлүп, цементтелди. Цемент каткандан кийин колоннага 100 атм. басым менен басым жасалды - ал герметикалуу. IV пласт 2412-2415 м., 2421-2424 м. интервалдарда перфорацияланды, 1,3 $м^3$/сутка агымы менен мунай агып чыккан. Скважина эксплуатацияга берилди.

**Аныкталды жана корутунду**

Берилген маалыматка ылайык, 2022-жылы "Кайрагач" нефти өндүрүү участогу боюнча 10276,0 тн. нефти өндүрүлгөн, 2022-жылына өндүрүлгөн нефтинин орточо өздүк наркы "Кыргызнефтегаз" ААКсы боюнча 7,4 миң сомду түзгөн

( 1 317 296,0/178 036,0). "Кайрагач" нефти өндүрүү участогу боюнча жалпы өндүрүлгөн нефтинин суммасы 76042,4 миң сомду түзгөн. Ал эми 2022-жылына "Кайрагач" нефти өндүрүү участогу боюнча нефтини өндүрүүдө 236 406,0 миң сом чыгымдалып, өндүрүлгөн чийки нефтиге кетирилген чыгымы 160 363,6 миң сомго ашыкча чыгымдалган.

**Сунуш**

- "Кайрагач" нефти өндүрүү участогу боюнча каражаттарды сарамжалдуу жана натыйжалуу колдонуу боюнча иш чаралар көрүлсүн.

**Сырткы экономикалык байланыш ишмердүүлүгү боюнча**

2022-жылы "Кыргызнефтегаз" ААКсынын баардыгы болуп өндүрүлгөн нефти 298 716,906 тн. болгон, өндүрүлгөн нефтинин ичинен "Кыргызнефтегаз" ААКсынын каражаттарынын негизинде өндүрүлгөнү 94 447,293 тн. жана түзүлгөн келишимдердин негизинде (12-Чет элдик жана 2-Кыргыз жарандары менен) "Кыргызнефтегаз" ААКсынын лицензиясына ылайык кен байлыктар участокторунан жарандарга мунай заттарын өндүрүүгө берилген, алар өндүрүлгөн нефтинин ичинен келишимге ылайык тиешелүү "Кыргызнефтегаз" ААКсынын үлүшү 83 588,684 тн. түзгөн жалпы чийки нефти "Кыргызнефтегаз" ААКсы боюнча 178 035,977 тн. түзүп жалпы чыгымы 1 317 296,0 миң сомду түзгөн.

Ал эми Чет элдик жана Кыргыз жарандары менен түзгөн келишимге ылайык тиешелүү үлүшү 120 680,929 тн. түзгөн. 2022-жылы "Кыргызнефтегаз" ААКсына караганда, Чет элдик жана Кыргыз жарандары тарабынан 26 233,636 тн. нефти көп өндүрүлгөн же 27,78 %.

2022-жылы техникалык жоготуулардын көлөмү 7 748,338 тн. - 62 684,1 миң сомду түзгөн, анын ичинен "Кыргызнефтегаз" ААКсынын техникалык жоготуусу 4 799,562 тн. - 35 484,5 миң сом, ал эми Чет элдик жана Кыргыз жарандарынын техникалык жоготуулары 2 948,776 тн.түзгөн.

Казууда иштетилген чийки нефтинин көлөмү (КУБР) 564,804 тн.-4097,5 миң сом, өз муктаждыктарына (НГДУ) 412,904 тн. - 3081,9 миң сомду түзгөн. Нефтини өндүрүүдөгү авариялык жоготуу 32,401 тн. - 271,7 миң сомду түзгөн. Транспорттук ташууда жетпей калуулар "Мираж" ЖЧКсынан 12,234 тонна өздүк нарк баасы менен эсептелгенде 112,8 миң сом жана Соттун

чечими менен жетпей калган нефти 59,465 тн. өздүк нарк баасы менен эсептелгенде 640,3 миң сомду түзгөн.

Ошондой эле, “Мираж” ЖЧКсынан 12,234 тн. өздүк нарк баасы менен эсептелгенде 112,8 миң сомду түзүп, жетишпеген нефтинин суммасы сатуу баасы менен өндүрүлгөн.

2022-жылы түзүлгөн келишимдердин негизинде 14-юридикалык мекемелерге нефти өндүүрүгө “Кыргызнефтегаз” ААКсы тарабынан укук берилген. Анын ичинен “АНТАРЕС” жана “Гидрокарбонс” ЖЧКсынын жетекчилери Кыргыз Республикасынын жараны, калгандары 12-юридикалык мекемелер Чет элдин же Кытай жарандары.

**Суу менен камсыз кылуу башкармалыгы (мындан ары СКБ),** “Кыргызнефтегаз” ААКсынын түзүмдүк бөлүмү болуп саналат, бүтпөгөн балансы жана өзүнүн өндүрүштүк ишин “Кыргызнефтегаз” ААКсынын Башкармалыгынын төрагасы бекиткен Жобого ылайык жүргүзөт.

**Аныкталды**

"Кыргызнефтегаз" ААКсынын суу менен камсыздоо башкармалыгын башкаруу боюнча көрсөтүлгөн кызматтардын баасынын прейскуранты 2022-жылы эсептелип Кыргыз Республикасынын Өкмөтүнө караштуу Антимонополдук жөнгө салуу мамлекеттик агенттигинин, Жалал-Абад бөлүмүнүн башчысы менен макулдашылган.

Техникалык шарттарды даярдоо жана уруксат берүүгө СКБнын кызматынын баасы 2022-жылга калкка жана мекемелерге 1057,68 сом КНСсиз, инженердик тармактарга кошулусуу калкка жана мекемелерге 1372,8 сом КНСсиз.

Аудит белгилегендей, жогоруда көрсөтүлгөн кызматтарды эсептөөдө Суу менен камсыз кылуу башкармалыгынын кызматкерлери тарабынан эсептөөсү коммерциялык мекемелер менен калкка эсептөөнүн айырмасы жок бирдей экенин көрүүгө болот, бул эсептөөдө коммерциялык мекемелерге, турак үйлөрдү куруучуларга кошумча коэффициенттер (рентабелдүүлүгүн же пайдасыз эсептелгенин) жана инженердик тармактарга кошулуучу түтүкчөлөрдүн диаметри, аянтчасы эске алынбагандыгын аудит белгилейт.

Берген маалыматка ылайык, турак үйлөрдү куруучу “Дос-Курулуш” ЖЧКсы Кочкор-Ата шаарында Пионер көчөсү № 4чү 7 кабаттуу 28 батирлүү турак үйүн куруп, техникалык шарттарды даярдоого болгону 1007,54 сом төлөнгөн.

Турак үйлөрдү куруучу “Оомат-Строй” ЖЧКсы Кочкор-Ата шаарында Транспортная көчөсү № 37чи 6 кабаттуу 36 батирлүү турак үйүн куруп, азыркы кезде 17 жашоочу жашап келет. Техникалык шарттарды даярдоого сууга жана саркынды сууларына кошуулуга 2015,08 сом жана Ленин көчөсүнө курулуучу 9 кабаттуу 54 батирлүү турак үйгө техникалык шарттарды даярдоого сууга жана саркынды сууларына кошуулуга 2015,08 сом төлөгөн.

**Корутунду**

Жогоруда көрсөтүлгөн кызматтарды эсептөөдө, Суу менен камсыз кылуу башкармалыгы тарабынан калк менен коммерциялык мекемелердин өзгөчөлүктөрүн кабыл албай бирдей тариф коюлган. Бул тарифтерди аныктоодо коммерциялык мекемелер менен турак үйлөрдү куруучулардын өзгөчөлүктөрүн жана инженердик тармактарга кошулуучу түтүкчөлөрдүн диаметрин, аянтчасын, ошондой эле башкармалыктын пайдасын эске алуу керектигин аудит белгилейт.

**Сунуш**

Суу менен камсыз кылуу башкармалыгы тарабынан көрсөтүлүүчү кызматтардын баасын (прейскурант) эсептөөдө, калк менен коммерциялык мекемелердин, турак үйлөрдү куруучулардын өзгөчөлүктөрүн эске алуу менен тарифтер белгиленсин.

**“Кыргызнефтегаз” ААКсынын бюджетинин түзүлүшү**

“Кыргызнефтегаз” ААКсынын бюджети 2022-жылдын 22-апрелинде акционерлердин жылдык жалпы чогулушунда бекитилген. Бул бюджет боюнча ишкана 160 миң тонна мунай жана 25 млн. $м^3$ жаратылыш газын өндүрүүнү, ошондой эле жыл жыйынтыгы боюнча 2002,2 млн. сом таза киреше алууну пландаштырган.

Акционерлердин жалпы чогулушунун чечимине ылайык, 2022-жылга жылдык бюджет 7 152 118,0 миң сом көлөмүндө бекитилген. 2022-жылга бюджетти факты жүзүндө аткаруу 5 456 008,8 миң сом суммасын түзгөн.

**Киреше бөлүгүнүн аткарылышын талдоо**

2022-жылга “Кыргызнефтегаз” ААКсы боюнча жалпысынан 6 502 412,5 миң сом пландалган, өсүү наркы менен 6 787 302,8 миң сом суммасында киреше алынды, өсүшү 284 890,3 миң сомду түздү.

2022-жылга жалпы кирешенин **мунай өнүмдөрүн** сатуудан түшкөн үлүшү 76,7 %ды түзүп, план 91,8 %га аткарылган. 2022-жылдын акырына карата калдыктар: дизелдик отун - 6983,3 м3, бензин - 1592,3 м3. Өткөн жылдын ушул мезгилине салыштырмалуу мунайзаттарды сатуудан түшкөн кирешенин өсүшү сатуу бааларынын жогорулашынан улам байкалган.

2022-жылга **дизелдик отунду сатуунун** көлөмү пландан аз, анткени 4-кварталда күйүүчү-майлоочу майларды Россиядан төмөн дүң баада ташып келүүнүн эсебинен, дизелдик отунга суроо-талап төмөндөгөн. Дизель отунун сатуунун көлөмү орточо жылдык баанын жогорулашынын эсебинен өткөн жылга салыштырмалуу 312,3 млн сомго көп болгон. 2021-жылдан калган дизелдик отундун калдыгы жалпы сатуунун көлөмүнүн 6,8 %ын түздү.

2022-жылга карата **күйүүчү май** сатуудан түшкөн акча пландан 35,9 млн сомго аз болгон. 2021-жылдан өткөн бензин калдыгы сатуунун жалпы көлөмүндө - 21,4 %ды түздү.

Белгилей кетсек, 2022-жылга карата бензин жана дизелдик отун сатуу, экспортсуз, өлкөнүн ички рыногунда гана ишке ашырылган.

2022-жылга **мазут сатуудан** 120,3 млн сом пландан ашыкча киреше түшкөн. 2022-жылга карата мазуттун негизги көлөмү мамлекеттик ишканаларга “Кыргызжылуулукэнерго” мамлекеттик ишканасынын филиалдарына, Ош шаарынын жылуулук электр борборуна, коммерциялык ишканаларына сатылган. Мамлекеттик ишканалар тарабынан сатылуучу мазуттун баасы Кыргыз Республикасынын Экономика жана коммерция министрлигине караштуу Монополияга каршы жөнгө салуу кызматы тарабынан белгиленет.

## Операциялык ишмердиктен түшкөн башка кирешелер

**(Миң сом)**

| Көрсөткүчтөр | 2021 факт | 2022 | | Айырма | Айырма % |
|---|---|---|---|---|---|
| | | план | факт | | |
| Скважина тейлөөдө түшкөн киреше (ЧИК) | 62 082,2 | 57 600,0 | 84 476,1 | 26 876,1 | 47% |
| Темир жол жана авто кызматынан киреше | 51 285,2 | 62 600,0 | 64 062,7 | 1 462,7 | 2,3% |
| Электроэнергиясынан киреше | 26 320,6 | 28 800,0 | 35 847,9 | 7 047,9 | 24,5% |
| Соц.объекттен киреше (ата-эне взносу) | 7 801,2 | 11 585,0 | 10 828,9 | -756,1 | -6,5% |
| Материалдарды сатуудан киреше | 3 410,4 | 2 400,0 | 10 805,6 | 8 405,6 | 350,2% |
| Объекттерди ижарага бергенден киреше | 6 329,2 | 3 052,3 | 5 493,6 | 2 441,3 | 80% |
| Башка кирешелер | 1 226,2 | 535,0 | 1 286,1 | 751,1 | 140,4% |
| **Жыйынтык** | **158 455,0** | **166 572,3** | **212 800,9** | **46 228,6** | |

Анын ичинен:

- Чет өлкөлүк инвестициялык компаниялардын (мындан ары - ЧИК) кызмат көрсөтүүлөрүнөн башка операциялык кирешелер сатуудан түшкөн жалпы акчанын 3,8 %ын түзгөн. Бул суммага төмөнкү кызматтар кирет: ЧИК өндүргөн мунайдын үлүшүн даярдоо боюнча кызмат көрсөтүүлөр, насостук машиналарды оңдоо, мунайды ташуу жана сактоо, подтовардык сууну утилизациялоо, жер астындагы скважиналарды капиталдык ремонттоо, электр энергиясына чыгымдар жана башкалар;
- 2022-жылга темир жол жана автомобиль транспорту менен ташуу кызматтарынан түшкөн киреше “Электр станциялары” ААКсы жана “Кыргызтеплоэнерго” мамлекеттик ишканасынын филиалдары үчүн мазут ташуулардын чоң көлөмүнө байланыштуу, өткөн жылдын ушул мезгилине салыштырмалуу жогору болгон;
- Коом электр торуна ээлик кылат жана өз ишин жүзөгө ашырууда мунай өндүрүү аймактарындагы (сарайлар, үйлөр ж.б.) керектөөчүлөргө электр энергиясын жеткирүүдөн пайда таппай, субабоненттерге өздүк наркы боюнча кайра эсеп-фактуралардын негизинде саткан;
- Социалдык объектилерден түшкөн киреше үч бала бакчадан 2022-жылга ата-энелердин салымы түрүндө келет;
- 2022-жылга кыймылсыз мүлктү ижарага берүүдөн түшкөн киреше 2021-жылдын ушул мезгилине салыштырмалуу азыраак, анткени ижарачылардын саны 2022-жылга салыштырмалуу 2021-жылы көп болгон;
- 2022-жылга карата материалдарды сатуунун наркынын өсүшү 2022-жылы иштебей турган трубалардын түстүү жана кара металлдарын, терең скважинадагы насостордун сырттарын жана башкаларды сатуу менен ишке ашырылды.

**“Кыргызнефтегаз” ААКсынын бюджетинин аткарылышын талдоо**

Бюджеттин 2022-жылга иш жүзүндө аткарылышы төмөнкү көрсөткүчтөр менен мүнөздөлөт.

“Кыргызнефтегаз” ААКсынын жалпы чыгашасы 7 152 118 миң сом пландалган болсо, иш жүзүндө 5 456 008,8 миң сомду түздү, жалпы үнөмдөлгөн каражат 1 696 109,2 миң сомду түздү.

“Кыргызнефтегаз” ААКсы үчүн ири үнөмдөөлөр төмөнкү беренелер боюнча:

- Жаңы машиналарды жана жабдууларды сатып алуу берене план боюнча чыгашалар 1 414 410,8 миң сом, иш жүзүндө 594 532,8 миң сомду, үнөмдөлгөн каражаттар 819 878,0 миң сомду түздү. Үнөмдөө жалпы суммасы 673,2 миллион сомдук эки бургулоочу станоктордун жана башка өндүрүштүк жабдуулардын кеч алынышы менен түшүндүрүлөт, аларды жеткирүү 2023-жылы аткарылган;
- Башка жактардын кызматтары үчүн төлөм берене боюнча чыгашалар планы 726 990,6 миң сом, иш жүзүндө 322 455,2 миң сомду түздү же 404 535,4 миң сом үнөмдөлгөн, анын ичиндеги ири үнөмдөөлөр: мунай өндүрүүнүн көлөмүн көбөйтүү үчүн гидротехникалык жардыруу (жарык салуу) боюнча кызмат көрсөтүүлөрдөн – 6 696,4 миң сом, башка тараптык уюмдар тарабынан 3 скважинаны бургулоо боюнча кызмат көрсөтүүлөрдөн – 99 110,4 миң сом, транспорттук нефтини ташуу боюнча кызмат көрсөтүүлөрдөн – 38 235,0 миң сом үнөмдөлгөн ж.б.;
- Материалдар беренеси боюнча чыгашалар 1 499 510,7 миң сом пландаштырылса, иш жүзүндө 1 181 243,7 миң сомду түздү. Өндүрүштүк керектөөлөр үчүн материалдарды аз сарп кылуунун эсебинен 318 267,0 миң сом үнөмдөлгөн;
- Эмгек акы фонду беренеси боюнча чыгашалар планы 1 256 033,1 миң сом, иш жүзүндө 1 212 965,3 миң сомду, үнөмдөө 43 067,8 миң сомду түздү, бул планга кирген жумушчулардын санынын 51 адамга азыраак болгондугу менен түшүндүрүлөт;
- Сейсмикалык чалгындоо иштерин жүргүзүү. Бул долбоор боюнча чыгашалар 60 267,9 миң сом пландаштырылса, иш жүзүндө 37 393,8 миң сомду түзсө, үнөмдөө 22 874,1 миң сомду түздү.

“Кыргызнефтегаз” ААКсынын чечиминин негизинде профсоюз комитетинин төрагасынын кайрылуусуна байланыштуу азык-түлүккө болгон баанын кымбатташына байланыштуу Кыргыз Республикасынын аймагында иш сапар чыгымдары 240 сомго көбөйтүлдү.

**Аныкталды**

“Кыргызнефтегаз” ААКсы 2022-жылга бюджетти бекиткенде демөөрчүлүк жардам үчүн “башка операциялык эмес чыгымдар” беренесинде 30 000,0 миң сом каралган, ал эми 2022-жылдын ичинде кошумча демөөрчүлүк жардам (спонсорская помощь) үчүн “башка операциялык эмес чыгымдар” беренеде 5000,0 миң сом каралган, жалпы демөөрчүлүк жардам

үчүн “башка операциялык эмес чыгымдар” беренесинде 35000,0 миң сомду түзгөн.

2022-жылы “Кыргызнефтегаз” ААКсында иш жүзүндө демөөрчүлүк жардам 20 531,4 миң сомго көрсөтүлгөн.

Демөөрчүлүк жардам "Кыргызнефтегаз" ААКсы тарабынан кайрылуулардын негизинде, бюджеттик, муниципалдык, спорттук жана медициналык мекемелерге, райондук ички иштер бөлүмүнө, өзгөчө кырдаал болгон учурда, айыл өкмөттөргө жана шаардык мэрияларга көрсөтүлөт. Кайрылуулар "Кыргызнефтегаз" ААКсынын жалпы бөлүмүндө катталат жана коштоочу документтер менен "Кыргызнефтегаз" ААКсынын башкармалыгынын отурумунун кароосуна киргизилет. “Кыргызнефтегаз" ААКсынын башкармалыгынын курамы 5 адамдан турат  Демөөрчүлүк жардам сураган кайрылуулар башкармалыктын отурумунда каралып, демөөрчүлүк жардам көрсөтүү боюнча чечим кабыл алынат жана чечим аткаруу үчүн бухгалтерияга берилет.

**Корутунду**

Аудит белгилегендей, көпчүлүк учурда республикалык бюджеттен каржыланган мекемелерге жана өзүн өзү камсыздаган мекемелерине акча каражаттарын, товардык материалдык баалуулуктарды, куруу иштерин жана транспортук кызматтарды көрсөтүүнүн жалпы суммасы 20 531,4 миң сомду түзгөн. Бул демөөрчүлүк жардамына чыгымдалган каражат “Кыргызнефтегаз” ААКсы тарабынан натыйжалуу жана сарамжалдуу эмес керектөө болбогонун аудит белгилейт.

"Кыргызнефтегаз" ААКсы тарабынан киреше бөлүгүн көбөйтүү максатында жана демөөрчүлүк жардамга кеткен каражатка “Кыргызнефтегаз” ААКсы өздөрүнө керектелүүчү товардык материалдык баалуулуктарды (түтүкчөлөр, бургулоолор) чийки нефтини өндүрүүгө керектелүүчү кудукчаларды (скважины), бургулоочу техникаларды жана атайын чарбага керектөөчү техникаларды алууга жумшаганда натыйжалуу болмок.

**Сунуш**

Коомдун киреше бөлүгүн көбөйтүү максатында, жетекчилик тарабынан демөөрчүлүк жардам үчүн каралган акча каражаттарынын жана башка чыгымдарынын натыйжалуу жана сарамжалдуу чыгымдалышына чаралар көрүлсүн.

**Кыргыз Республикасынын Өкмөтүнө караштуу Отун-энергетикалык комплексти жөнгө салуу мамлекеттик агенттиги жана “Кыргызнефтегаз” Ачык акционердик коомунун тарифтерди түзүү жана колдонуу бөлүгүндө, отун-энергетикалык комплекс чөйрөсүндө мыйзам талаптарынын сакталышы**

Сатууга багытталган “Кыргызнефтегаз” ААКсынын нефтепродуктыларына бааны коюу, “Кыргызнефтегаз” ААКсынын Башкармалыгынын төрагасы А.Б. Ороков тарабынан 2003-жылдын

14-февралында бекитилген, “Кыргызнефтегаз” ААКсы саткан нефтепродуктылардын баасы жөнүндө жобого ылайык жүргүзүлөт.

“Кыргызнефтегаз” ААКсынын Башкармалыгынын 2021-жылдын 30-июнундагы чечими менен (2021-жылдын 30-июнундагы №8 протоколу), “Кыргызнефтегаз” ААКсынын нефтепродуктыларына бааны коюу жөнүндө” жобо жана “Бааны коюу боюнча “Кыргызнефтегаз” ААКсынын баа комитети жөнүндө” жобо бекитилген.

“Кыргызнефтегаз” ААКсынын нефтепродуктыларына бааны коюу жөнүндө” жобо Коомдун нефтепродуктыларын (бензин, дизель отуну жана мазут) сатуунун дүӊ баасын аныктоо тартибин жана шартын аныктайт жана башка контрагенттердин дарегине Коом тарабынан аларды дүӊүнөн сатууда нефтепродуктыларына баа коюу процессине жайылтылат. Коомдун нефтепродуктыларын сатуунун дүӊ баасын белгилөө жөнүндө маселелерди кароону Баа комитети ишке ашырат, Коомдо иштеген кызматкерлерден түзүлгөн анын курамында 5 адам бар.

Коом 2 негизги баа коюу ыкмасын колдонот:

- рынокко жүргүзүлгөн мониторингдин негизинде рыноктук ыкма;
- чыгым ыкмасы (алгылыктуулугун эске алуу менен минималдуу баа).

Кыргыз Республикасынын Энергетика министрлигине караштуу Отун-энергетикалык комплексин жөнгө салуу боюнча департаментинин 01.08.2022-жылдагы №139 буйругу менен 1000 $м^3$ жаратылыш газына тариф, калк үчүн 7136,80 сомго (салыктарды кошпогондо), өндүрүштүк жана башка керектөөчүлөр үчүн 9079,10 сомго (салыктарды кошпогондо) бекитилген.

“Кыргызнефтегаз” ААКсынын жагылуучу **мазуттун сатуу баасын** белгилөө жөнүндө жылуулук менен камсыз кылуучу филиалдарга Ош шаарынын ЖЭБине берүү үчүн “М-100” маркасындагы мазут “Кыргызжылуулукэнерго” МИ жана чек ара кызматынын аскердик бөлүктөрүнө жылдын күз-кыш мезгилине карата, Кыргыз Республикасынын Экономика жана коммерция министрлигине караштуу Монополияга каршы жөнгө салуу кызматы тарабынан бекитилген.

**Кассага, кассалык жана казыналык операцияларга аудит жүргүзүү**

Аудит тарабынан “Кыргызнефтегаз” ААКсынын кассасын инвентаризациялоо учурунда иш жүзүндөгү айырма аныкталган жок.

“Кыргызнефтегаз” ААКсынын нак акчалай каражатынын эсеби “кассадагы акча каражаттары” 1100 эсебинде жүргүзүлөт жана бухгалтердик отчёттуулуктун жана отчёттордун маалыматына ылайык, 2022-жылдын башына карата кассадагы нак акча каражаттарынын калдыгы 496,2 миӊ сом суммада эсептелген. 1100 эсептеги дебет боюнча жүгүртүүлөр 2022-жылы 21 226,3 миӊ сомду, 1100 кредит эсеби боюнча жүгүртүүлөр 21 264,1 миӊ сомду түзгөн жана 2022-жылдын аягына карата нак акча каражатынын суммасынын калдыгы 458,3 миӊ сом суммасындагы эсепти түзгөн.

**“Кыргызнефтегаз” Ачык акционердик коомунун 2022-жылга ишмердүүлүгүнүн жыйынтыгы менен пайда жана чыгым отчету боюнча**

2022-жылга карата жалпы киреше 5 543 605,0 миң сомду түзсө, киреше алуу үчүн чыгымдалган каражаттардын өздүк наркы 2 242 564,0 миң сомго көрсөтүлгөн, операциялык ишмердүүлүктөн 212 801,0 миң сом киреше түшсө, чыгымы 109 156,0 миң сомду түзөт. Ал эми негизги товарларды сатуу боюнча чыгымдар 107 166,0 миң сом, административдик чыгымдар 391 879,0 миң сом жана операциялык эмес кирешеси 1 095 781,0 миң сомду түзүп, операциялык эмес чыгымдар 525 269,0 миң сомду, жыл аягындагы пайдасы 3 476 153,0 миң сомду түзгөн. 2022-жылга 344 897,0 миң сом пайда салыгы төлөмүнөн кийинки таза пайдасы 3 131 256,0 миң сомду түзгөн.

**Жылдын жыйынтыгы боюнча төлөгөн дивиденттерге аудит**

2022-жылдын жыйынтыгы менен “Кыргызнефтегаз” ААКсы 3 803 800,4 миң сом консалидацияланган баланстык киреше алган, пайда салыгы 374 218,2 миң сомду, таза пайда 3 429 582,2 миң сомду, дивидендтерди төлөө таза кирешеден 25 % - 857 395,5 миң сомду, 1 акцияга дивидендтин өлчөмү 35,425377947 сомду түздү.

2022-жылдын жыйынтыгы менен Кыргыз Республикасынын Министрлер Кабинетине караштуу Мамлекеттик мүлктү башкаруу боюнча мамлекеттик агенттигине 85,163 % акция тиешелүү болгондуктан “Кыргызнефтегаз” ААКсы тарабынан 730 185,3 миң сомдук дивиденд эсептелген.

2023-жылдын 1-январына карата дивидендтердин калдыгы 26 523,6 миң сомду түздү.

2022-жылдын жыйынтыгы менен дивидендтер 857 395,5 миң сом суммасында чегерилген, анын ичинде:

- Кыргыз Республикасынын Министрлер Кабинетине караштуу Мамлекеттик мүлктү башкаруу боюнча мамлекеттик агенттигине - 730 185,4 миң сом;
- Кыргыз Республикасынын Социалдык фондуна - 33 611,4 миң сом;
- башка юридикалык жана жеке жактарга - 93 598,8 миң сом.

**Аныкталды**

Берилген маалыматтарга (баштапкы документтерге), финансылык-экономикалык көрсөткүчтөргө ылайык, 2022-жылдын финансылык-чарбалык иштин жыйынтыгы боюнча “Кыргызнефтегаз” ААКсы тарабынан резервдер түзүлгөнү аныкталган. Резервдер “Активдердин нарксыздануусуна” алып келген операциялык ишмердүүлүк боюнча башка чыгашалар беренеси ФОЭС (IAS) 36 стандартынын негизинде түзүлгөн. ФОЭС (IAS) 36 активдердин нарксыздануусунун тышкы жана ички белгилеринин тизмесин камтыйт. Эгерде нарксыздануу белгилери бар болсо, активдин ордун толтуруунга боло турган резервдер аныкталууга тийиш. 2022-жылдын жыйынтыгы менен айрым ликвиддүү эмес активдер боюнча 10 436,5 миң сом өлчөмүндө резервдер туура эмес түзүлгөн.

Чыгашаларды негизсиз чегерүүдөн улам, чыгашаларды ашыкча баалоо белгиленип, анын натыйжасында Кыргыз Республикасынын Министрлер Кабинетине караштуу Мамлекеттик мүлктү башкаруу боюнча мамлекеттик агенттигине дивидендтер 1 999,8 (10436,5-1043,6=9392,9*25%*85,1632%) миң сом суммасында чегерилбей калган.

**Корутунду**

Чыгашаларды негизсиз чегерүүнүн натыйжасында Кыргыз Республикасынын Министрлер Кабинетине караштуу Мамлекеттик мүлктү башкаруу боюнча мамлекеттик агенттигине 1 999,8 миң сом суммасындагы дивидендтер чегерилбей калган. *2024-жылдын 17-январындагы №110 төлөө тапшырмасынын негизинде 1999,8 миң сом суммасында дивидендтер аудиттин жыйынтыгы менен "Кыргызнефтегаз" ААКсы тарабынан Кыргыз Республикасынын Министрлер Кабинетине караштуу Мамлекеттик мүлктү башкаруу боюнча мамлекеттик агенттигине которулган.*

**Сунуш**

Активдерге резервдерди түзүүдө, чыгашаларды негизсиз чегерүүгө жана ашыкча баалоого жол берилбесин.

## "Кыргызнефтегаз" Ачык акционердик коомунун акча каражаттарынын кыймылы жөнүндө

01.01.2022-жылга эсебине түшкөн акча каражаттарынын калдыгы 1 974 833,4 миң сомду түзөт.

2022-жылга банк эсебине түшкөн акча каражаттарынын жалпы суммасы 6 913 579,9 миң сом, 2022-жылы алыш-бериш эсебинен чыгымдар 6 371 946,6 миң сом суммасында чыгымдалган, анын ичинде:

- эмгек акыга 267 431,5 миң сом;
- жооптуу адамдарга 55,8 миң сом;
- иш сапардык чыгымдар 4 328,9 миң сом;
- банк кызматы 994,4 миң сом;
- алименттер 1 156,7 миң сом;
- бөлүмдөргө төлөнгөн сумма 878 063,7 миң сом;
- бюджетке салык төлөмдөр 1 086 966,5 миң сом;
- берилген авансттар 139 104,6 миң сом;
- социалдык камсыздандыруу боюнча бюджетке төлөмдөр 364 333,8 миң сом;
- кассага алынган акча каражаты 21 150,0 миң сом;
- профкомитет 14 359,6 миң сом;
- башка төлөмдөр 4 356,5 миң сом;
- тендерлерге катышканы үчүн ГОИД, ГОКЗ 86 550,2 миң сом;
- башкармалыктын чечими менен 79 705,4 миң сом;
- аванстык төлөмдөрдү кайтарып берүү 183 121,7 миң сом;
- көрсөтүлгөн кызматтар үчүн жабдууну жеткирүүчүлөргө жана подрядчыларга төлөмдөр 2 573 888,0 миң сом;
- конвертациялоодо курстун айырмасы 69 426,4 миң сом;

- дивидендтик төлөмдөр 596 952,9 миң сом.

01.01.2023-жылга карата калдык 2 516 466,6 миң сом.

**Эмгек акыга жана башка төлөмдөргө аудит**

“Кыргызнефтегаз” ААКсынын акционерлеринин жылдык жалпы чогулушу тарабынан 2023-жылдын 28-апрелинде бекитилген “Кыргызнефтегаз” ААКсынын Уставынын 18.4.4-пунктуна ылайык, “Кыргызнефтегаз” ААКсынын Башкармалыгы Коомдун жана анын түзүмдүк бөлүмдөрүнүн кызматкерлеринин штаттык түзүмүн жана эмгек акы төлөө шарттарын бекитет.

Коомдун штаттык ырааттамасы, Кыргыз Республикасынын Өкмөтүнүн 1999-жылдын 26-июлундагы № 408 “Эмгек акыга кирүүчү кошумча төлөмдөрдүн тизмесин бекитүү жөнүндө” токтомуна, ошондой эле “Кыргызнефтегаз” ААКсынын жамааттык келишимине ылайык иштелип чыккан “Кыргызнефтегаз” ААКсынын кызматкерлерине эмгек акы төлөө шарттары жөнүндө” 2013-жылдын 1-февралындагы жобонун негизинде түзүлгөн.

“Кыргызнефтегаз” ААКсынын кызматкерлерине эмгек акы төлөө шарттары жөнүндө” жобонун негизинде “Кыргызнефтегаз” ААКсынын кызматкерлеринин эмгек акысын уюштуруунун жана жөнгө салуунун негизи болуп тарифтик система саналат, анын курамдык бөлүктөрү төмөнкүлөр:

1. жумуштардын жана жумушчулардын кесиптеринин бирдиктүү тарифтик-квалификациялык маалымдамасы;
2. тарифтик сетка;
3. тарифтик ставкалар.

Азыркы учурда Кыргыз Республикасында мунай жана газ өнөр жай ишканаларынын кызматкерлеринин эмгек акысын белгилөөчү ченемдик укуктук актылар же багыттык-сунуштама булактары жок болгондуктан, тарифтик ставкалар жана эмгек акылар Жободо көрсөтүлгөн эски булактардан эсептелген жана бекитилген. Кызматкерлердин саны Коомдун өндүрүштүк керектөөлөрүнө жараша, кызматкерлердин квалификациясына жана иштин көлөмүнө карата аныкталган.

“Кыргызнефтегаз” ААКсынын штаттык ырааттамасы 2022-жылга эки жолу бекитилген, анын акыркысы “Кыргызнефтегаз” ААКсынын каржылык мүмкүнчүлүктөрүн эске алуу менен, 2022-жылдын 1-августунан тартып кызматкерлердин эмгек акысын 20 %га жогорулашына байланыштуу болгон.

2022-жылга кызматкерлердин орточо тизмелик саны 2477 адам, анын ичинен: жетекчилер 206, адистер 328, кызматкерлер 19 жана жумушчулар 1924 адам.

"Кыргызнефтегаз" ААКсынын кызматкерлерине 01.01.2022-жылга карата эмгек акыдан кредитордук карыз 56 656,6 миң сомду түзгөн. 2022-жылга анык эсептелген эмгек акы 1 436 630,1 миң сомду түзөт жана иш жүзүндө эмгек акынын төлөмдөрү 1 403 479,0 миң сомду түзүп, анын ичинен: эмгек акынын касса аркылуу төлөнгөнү 3 642,3 миң сом, эмгек акынын банк

аркылуу төлөнгөнү 1 108 516,4 миң сом, киреше салыгына чегерилгени 117 198,4 миң сом, Социалдык фондго чегерүүлөр 134 416,1 миң сом, профсоюз төлөмдөрү 19 549,2 миң сом, алимент төлөөгө 4 931,5 миң сом жана башка төлөмдөргө 15 225,0 миң сом.

2022-жылга бир жумушчунун орточо эмгек акысы 40,8 миң сомду түздү. 01.01.2022-жылга карата айлык акыдан кредитордук карыз 89 807,7 миң сомду, ал эми 01.01.2023-жылга карата айлык акыдан кредитордук карыз 21 170,8 миң сомду түздү.

Анын ичинде, “Кыргызнефтегаз” ААКсынын аппаратынын кызматкерлерине 01.01.2022-жылга карата эмгек акыдан кредитордук карыз 13 360,2 миН сомду түзгөн. 2022-жылга анык эсептелген эмгек акы 348 955,8 миң сомду түзөт жана иш жүзүндө эмгек акынын төлөмдөру 341 145,1 миң сомду түзүп, анын ичинен эмгек акынын касса аркылуу төлөнгөнү 2 281,4 миң сом, эмгек акынын банк аркылуу төлөнгөнү 267 431,5 миң сом, киреше салыгына чегерилгени 29 612,5 миң сом, Социалдык фондго чегерүүлөр 32 983,2 миң сом, профсоюз төлөмдөрү 3 419,8 миң сом, алимент төлөөгө 1 164,1 миң сом жана башка төлөмдөргө 4 252,7 миң сом.

Аудит убагында белгилүү болгондой, “Кыргызнефтегаз” ААКсынын штаттык бирдиктеринин нормасы Кыргыз Республикасынын Мыйзамдарында каралган эмес. Ошондуктан “Кыргызнефтегаз” ААКсынын жетектөөчү экономисти жана эмгекти уюштуруу жана нормалдаштыруу боюнча инженери тарабынан штаттык бирдиктерди 12.05.1987-жылдын СССРнын Мунай өндүрүшү боюнча Министрлиги тарабынан бекитилген Нефти, өнөр жай министрлигинин нефти жана газ өнөр жайын уюштуруу, башкаруу жана экономика боюнча бүткүл Союздук илимий изилдөө институтунун “Мунай тармагынын бургулоо иштеринин жана чалгындоо бургулоо башкармалыктарынын адистеринин жана кызматкерлеринин типтүү структурасы жана стандарттары” боюнча түзүшкөн. Тактап айтканда штаттык бирдиктери Союздук илимий изилдөө институтунун типтүү структурасы жана стандарты боюнча кабыл алынган жана “Кыргызнефтегаз” ААКсынын башкармалыгынын төрагасы тарабынан бекитилип берилген.

2022-жылдын 25-июлунда күчүнө кирген “Кыргызнефтегаз” ААКсынын коллективдик келишимине ылайык, жумушчуларга жылдын жыйынтыгы боюнча 13чү эмгек акы, ар бир кварталдын жыйынтыгында финансылык мүмкүнчүлүккө жараша кварталдык премия, оор шартта иштеген жумушчуларга 25 % өлчөмүндө эмгек акы, пенсия курагына жеткен жумушчуларга жумуштан кетип жатканда, эмгек стажына ылайык бир жолку пособие төлөнүп берилет.

**Аныкталды**

“Кыргызнефтегаз”ААКсы боюнча 2022-жыл үчүн жылдык бюджеттин алкагында акционерлердин жалпы чогулушу тарабынан бекитилген эмгек акы фондунун сметасы боюнча 13чү эмгек акы – 109 405,3 миң сом суммасында төлөнгөн.

“Кыргызнефтегаз” ААКсы тарабынан 13чү эмгек акыны эсептөө үчүн, жылдын акырына карата эмгек акыны эсептөөдө, жамааттык келишимдин негизинде кызматкерлердин иш стажына негизделген жылдык эмгек акынын коэффициенти колдонулуп эсептелген, бирок кызматкерлердин иш стажына негизделген жылдык эмгек акынын коэффициенти Кыргыз Республикасынын Өкмөтүнүн 26.07.1999-жылдагы №408 токтому менен бекитилген “Эмгек акыга кирүүчү кошумча төлөмдөрдүн тизмесинде” жана Кыргыз Республикасынын нормативдик укуктук актыларында каралбай, 2022-жылга карата кызматкерлердин иш стажына негизделген жылдык эмгек акынын коэффициенти кошумча төлөм төлөнүп берилген жана жалпы чыгымдын суммасы 21 747,8 миң сомду түзгөн.

**Корутунду**

Кызматкерлердин иш стажына негизделген жылдык он үчүнчү эмгек акынын коэффициенти, Кыргыз Республикасынын Өкмөтүнүн 26.07.1999-жылдагы №408 токтому менен бекитилген, “Эмгек акыга кирүүчү кошумча төлөмдөрдүн тизмесинде” жана Кыргыз Республикасынын нормативдик укуктук актыларында каралбай, 2022-жылга карата кызматкерлердин иш стажына негизделген жылдык эмгек акынын коэффициенти кошумча төлөнүп берилип, чыгымдын суммасы **21 747,8** миң сомду түзгөн жана натыйжалуу эмес колдонулган;

**Сунуш**

Он үчүнчү эмгек акыны эсептөө тартиби боюнча жамааттык келишимге өзгөртүү киргизилсин жана бул төлөмдү мыйзамдаштыруу боюнча чараларды көрүү жана мыйзам чегинде чегерүү жагы каралсын.

**Социалдык фонду менен эсептешүүлөрдүн абалын талдоо**

Аудитке берилген маалыматтын негизинде, 2022-жылдын 1-январына карата Коомдун кредитордук карызы 21 336,4 миң сом болгон, 2022-жыл ичинде 418 019,6 миң сомго социалдык камсыздандыруу төгүмдөрү эсептелинип, жыл ичинде 407 973,6 миң сом которулуп берилген жана жылдын аягына 31 382,4 миң сом кредитордук карызы менен чыккан.

**Өлкө ичиндеги иш-сапарынын чыгымдарына жана отчет берүүчү адамдар менен эсептешүүлөргө аудит**

Иш сапар чыгымдары Кыргыз Республикасынын Өкмөтүнүн 26.08.2008-жылдагы № 471 "Командировкалык чыгымдардын нормаларын белгилөө жана алардын ордун толтуруунун тартиби жөнүндө" токтомуна ылайык жүргүзүлөт.

01.01.2022-жылга бухгалтердик эсеп 1521 отчет берүүчү адамдарга чыгымдардын дебитордук карызы 7,0 миң сом, кредитордук карыз жок. 2022-жылга дебитордук жүгүртүүсүнүң суммасы 56,8 миң сом, ал эми кредитордук жүгүртүүсүнүн суммасы 62,6 миң сом. 31.12.2021-жылга дебитордук карызы 1,2 миң сомду түзгөн.

01.01.2022-жылга бухгалтердик эсеп 1522 Командировкалык чыгымдардын дебитордук карызы 46,3 миң сом, кредитордук карыз жок. 2022-жылга дебитордук жүгүртүүсүнүн суммасы 4 641,9 миң сом, кредитордук жүгүртүүсүнүн суммасы 4684,0 миң сом. 31.12.2022-жылга дебитордук карызы 4,2 миң сомду түзгөн.

**Аныкталды**

2022-жылы "Кыргызнефтегаз" ААКсынын бухгалтердик эсептен иш сапарга жиберилген кызматкерлеринин транспорттук чыгымдарын 870,8 миң сом суммасында Кыргыз Республикасынын Өкмөтүнүн 2008-жылдын 26-августундагы № 471 "Командировкалык чыгымдардын нормаларын белгилөө жана алардын ордун толтуруунун тартиби жөнүндө" токтомунун 1-пункутунда көрсөтүлгөн талаптарын бузуу менен тастыктоочу документтери жок төлөнгөнүн аудит белгилейт.

**Корутунду**

Кыргыз Республикасынын Өкмөтүнүн 2008-жылдын 26-августундагы № 471 "Командировкалык чыгымдардын нормаларын белгилөө жана алардын ордун толтуруунун тартиби жөнүндө" токтомунун 1-пунктунун нормаларын бузуу менен төлөнгөн такси кызматынын суммасы 870,8 миң сомду түзүп, негизсиз "Кыргызнефтегаз" ААКсынын жалпы чыгымына кошулуп, коомдун пайдасы (прибыль) азайган жана пайдага салыгы 87,0 миң сом суммасына аз төлөнгөн. *2024-жылдын 17-январындагы №111 төлөө тапшырмасынын негизинде 87,0 миң сом суммасында пайдага салыгы аудиттин жыйынтыгы менен "Кыргызнефтегаз" ААКсы тарабынан Кочкор-Ата шаарынын Мэриясына которулган.*

## Ижара мамилелерге аудит

**Аныкталды**

2022-жылдын 1-январынан тартып 31-декабрына чейин "Кыргызнефтегаз" ААКсына таандык болгон негизги каражаттарды ижарага берүү үчүн түзүлгөн келишимдерге ылайык, 4724,2 миң сом өлчөмүндө ижара акысы эсептелген, жылдын башындагы дебитордук карыз 355,7 миң сом, төлөөлөрдүн жалпы суммасы 4 844,3 миң сом, 2022-жылдын 31-декабрына карата дебитордук карыздын көлөмү 235,6 миң сом. "Кыргызнефтегаз"ААКсынын эсептешүү эсебине түшкөн ижара акысы "Кыргызнефтегаз" ААКсынын экономикалык муктаждыктарына жумшалган.

**Корутунду**

Белгилей кетүү керек, жогоруда "Кыргызнефтегаз" ААКсына таандык болгон негизги каражаттарды ижарага берүү үчүн түзүлгөн келишимдерге ылайык 4 724,2 миң сом өлчөмүндө "Кыргызнефтегаз" ААКсынын 30.06.2021-жылдагы №8 протоколу менен кабыл алынган Коллегиянын чечими менен бекитилген Кыймылсыз мүлктү пайдалангандыгы үчүн ижара акысын белгилөөнүн тартиби жөнүндө жобо менен эсептелинген.

Берилген маалымат боюнча, Кыргыз Республикасынын Экономика министрлигинин 26.01.2016-жылдагы № 8 буйругунун (Кыргыз

Республикасынын Экономика жана коммерция министрлигинин 2023-жылдын 16-январындагы №3 буйругуна ылайык күчүн жоготту) негизинде эсептелген бардык 38 ижарачынын ижара акысынын суммасы бир айга 922,5 миң сом түзмөк, бирок 2022-жылы “Кыргызнефтегаз” ААКсынын жобосу менен эсептелген ижара акысы төмөн эсептелип, жалпы ижара акысы боюнча айырма 3028,5 миң сомду түздү. Демек 2022-жылы “Кыргызнефтегаз” ААКсынын бюджетине киреше түшпөй, бюджеттик жоготуусунун суммасы 3028,5 миң сомду түзөт.

**Сунуш**

31.12.2022-жылга өндүрүлбөй калган 235,6 миң сом суммасындагы дебитордук карыз ижарачылардан өндүрүү боюнча чаралар көрүлсүн.

“Кыргызнефтегаз” ААКсынын киреше бөлүгүн көбөйтүү максатында, ижарага берүүчү мүлктөрдүн ижара акысынын өз убагында төлөнүшү камсыз кылынсын.

**Негизги өндүрүштүк материалдарды сатып алуу үчүн каражаттарды пайдалануунун натыйжалуулугуна жана сарамжалдуулугуна аудит**

**Аныкталды жана корутунду**

Аудит белгилегендей товарлар жана материалдар кампаларда сакталат, бул олуттуу каражаттын сарамжалсыз пайдаланылышына алып келүүдө. Демек, өндүрүш үчүн жараксыз запастардын фактылары керектөөлөрдү талдоосуз алуу жолу менен аныкталган, бул камсыздоо кызматы тарабынан мониторингдин жоктугун көрсөтүп турат, натыйжада Коомдун каражаттарын эффективдүү чыгымдоо камсыз кылынбайт.

2022-жылдын 31-декабрына өндүрүштүк процессте жыл ичинде пайдаланылбаган жана максаттуу колдонулбаган товарлардын жана материалдардын жалпы суммасы 73 665,7 миң сомду түзөт.

**Сунуш**

Өндүрүштүк процессте товарлардын жана материалдардын фондуларын пайдаланууда каражаттарды рационалдуу жана натыйжалуу колдонуу боюнча чаралар көрүлсүн.

**“Мамлекеттик сатып алуулар жөнүндө” Кыргыз Республикасынын Мыйзамынын талаптарынын аткарылышына аудит**

2022-жылга 4 225 151 миң сом көлөмүндөгү товарларды, жумуштарды жана кызмат көрсөтүүлөрдү сатып алуу планы, “Кыргызнефтегаз” ААКсынын жетекчиси тарабынан бекитилген. Сатып алууларды каржылоо өздүк киреше булагы саналат.

**Аныкталды**

2022-жылдын 1-январынан тартып 2022-жылдын 1-июнуна чейинки мезгилде мамлекеттик сатып алуулар боюнча бөлүм башчысы тарабынан табыштамада көрсөтүлгөн 2 481 841 миң сомго товарларды, жумуштарды жана кызмат көрсөтүүлөрдү сатып алууга карата 188 конкурс өткөрүлгөн,

анын ичинен 61 конкурстары токтотулуп, кайрадан өткөрүлгөн. Өткөрүлгөн конкурстардын жыйынтыгы боюнча товарларды, жумуштарды жана кызмат көрсөтүүлөрдү жабдуучулар менен жалпы суммасы – 2 069 483 миң сомго же көрсөтүлгөн сумманын 83,4 %на келишим түзүлгөн. Комиссиянын жыйынтыгы менен чечим кабыл алынып утуучуларды аныкташкан.

Алардын ичинен төмөндөгүдөй көрсөткүчтө конкурстар өткөрүлүп, келишимдер түзүлгөн:

- суммасы 922 490,8 миң сомго сатып алуу планынын негизинде

838 859,1 миң сомго (90,9 %) бир этаптуу ыкма менен 110 конкурс;

- суммасы 1 163 469 миң сомго сатып алуу планынын негизинде 1 002 881 миң сомго (86,2 %) бир этаптуу (эки пакеттүү) ыкма менен 11 конкурс;

- 379 513,7 миң сомго сатып алуу планынын негизинде 211 971,7 миң сомго (80,4 %) жөнөкөйлөтүлгөн ыкма менен 46 конкурс;

- 16 167,1 миң сомго сатып алуу планынын негизинде 15 771,1 миң сомго (97,5 %) келишимди тикелей түзүү ыкмасы аркылуу 21 конкурс.

2022-жылдын 1-июлунан тартып 2022-жылдын 31-декабрына чейинки мезгилде мамлекеттик сатып алуулар Кыргыз Республикасынын Министрлер Кабинетинин 2022-жылдын 10-июнундагы № 301 “Мамлекеттик жана муниципалдык ишканалар, уставдык капиталдагы катышуу үлүшүнүн 50 жана андан ашык пайызы мамлекетке таандык болгон чарбакер коомдор, анын ичинде алардын туунду чарбалык коомдору тарабынан сатып алууларды уюштуруунун жана ишке ашыруунун типтүү тартибин бекитүү тууралуу” токтомунун негизинде иштелип чыккан “Кыргызнефтегаз” ААКсынын 2022-жылдын 21-июнундагы № 5 директорлор кеңешинин протоколу бекитилип берилген “Сатып алуу жол-жоболорун уюштуруу жана ишке ашыруу” эрежелерине ылайык 1 547 090 миң сом көлөмүндөгү товарларды, жумуштарды жана кызмат көрсөтүүлөрдү сатып алуу планы, “Кыргызнефтегаз” ААКсынын жетекчиси тарабынан бекитилип, “Кыргызнефтегаз” ААКсы структуралык бөлүмдөрүнө конкурс өткөрүлүп берилген.

Сатып алуулар боюнча бөлүм башчысы тарабынан табыштамада көрсөтүлгөн 1 547 090 миң сомго товарларды, жумуштарды жана кызмат көрсөтүүлөрдү сатып алууга карата 151 конкурстук торук өткөрүлгөн, анын ичинен 27 торук конкурстары токтотулуп, кайрадан өткөрүлгөн. Өткөрүлгөн конкурстардын жыйынтыгы боюнча товарларды, жумуштарды жана кызмат көрсөтүүлөрдү жабдуучулар менен жалпы суммасы – 1 130 718 миң сомго же көрсөтүлгөн сумманын 73,1 %ына келишим түзүлгөн.

Алардын ичинен төмөндөгүдөй көрсөткүчтөр конкурстар өткөрүлүп, келишимдер түзүлгөн:

- суммасы 1 547 090 миң сомго сатып алуу планынын негизинде 1 128 214,9 миң сомго (72,9 %) чектелбеген ыкма менен 147 конкурс;

- 2 084,4 миң сомго сатып алуу планынын негизинде 2 084,4 миң сомго (100,0 %) чектелген ыкмасы аркылуу 3 конкурс;

- 418,65 миң сомго сатып алуу планынын негизинде 418,65 миң сомго (100,0 %) бир булактан ыкмасы аркылуу 1 конкурс;

- Нефть техникалык жабдууларын сатып алуу 2140-беренеси боюнча суммасы 1 115 296,4 миң сомго конкурстарды өткөрүү пландалган, өткөрүлгөн конкурстардын жыйынтыктары боюнча суммасы 512 105,1 миң сомго келишимдер түзүлгөн;

- Автоунаа жана атайын жабдууларды сатып алуу бухгалтердик эсеп 2170-беренеси боюнча суммасы 396 597,7 миң сомго өткөрүү пландалган, өткөрүлгөн конкурстардын жыйынтыктары боюнча суммасы 371 907,4 миң сомго келишим түзүлгөн;

- Электр жабдыктарды сатып алуу 1622-беренеси боюнча суммасы 36 420,7 миң сомго конкурс өткөрүү пландалган, өткөрүлгөн конкурстардын жыйынтыктары боюнча келишим 32 425,1 миң сомго түзүлгөн;

- Тамак азыктарды сатып алуу 1610-беренеси боюнча суммасы 13 326,2 миң сомго конкурс өткөрүү пландалган, өткөрүлгөн конкурстардын жыйынтыктары боюнча келишим 8 175,1 миң сомго түзүлгө;.

- Чарбалык буюмдарды сатып алууга кеткен чыгымдар 1613-беренеси боюнча суммасы 11 509,8 миң сомго конкурс өткөрүү пландалган, өткөрүлгөн конкурстардын жыйынтыктары боюнча келишим 7 856,1 миң сомго түзүлгөн;

- Курулуш материалдарды сатып алуу 1730-беренеси боюнча суммасы 154 288,3 миң сомго конкурс өткөрүү пландалган, өткөрүлгөн конкурстардын жыйынтыктары боюнча келишим 138 248,8 миң сомго түзүлгөн;

- Түтүктөрдү сатып алуу 1741-беренеси боюнча суммасы 622 840,4 миң сомго конкурс өткөрүү пландалган, өткөрүлгөн конкурстардын жыйынтыктары боюнча 590 181,3 миң сомго келишим түзүлгөн.

Жогоруда өткөрүлгөн сынактар боюнча аудитте каралды.

Аудитке берилген маалыматтарга ылайык, 2022-жылдын 1-январынан тартып 2022-жылдын 1-июнуна чейинки мезгилде “Кыргызнефтегаз” ААКсынын тарабынан:

1. 28.02.2022-жылы вэб порталга 3 лот менен жарыя берилген, сатып алууга каралган каражаттын суммасы электр жабдыктарды сатып алуу үчүн 16 866 354 сомду түзгөн, конкурста бир этаптуу ыкма колдонулган. Конкурска 2 талапкер катышкан, жана төмөндөгү сунуштарды беришкен:

- “Кей Би Эс групп” ЖЧКсы – 11 049,2 миң сом;

- “Пегасс” ЖЧКсы - 1 798,9 миң сом.

Конкурстун жыйынтыгы менен конкурстук сунуштарды ачуу 25.03.2022-жылдагы протоколуна ылайык: 3 лот боюнча жеңүүчү болуп “Кей Би Эс групп” ЖЧКсы табылган, 06.04.2022-жылдагы №180 келишими түзүлгөн; 2 лот боюнча жеңүүчү болуп “Пегасс” ЖЧКсы табылган, 06.04.2022-жылдагы №179 келишими түзүлгөн; 1 лот боюнча катышуучулардын жоктугунан жокко чыгарылган. 01.01.2023-жылга жабдуучулардын карыздары жок.

2. 24.03.2022-жылы веб порталга 1 лот менен электр кыймылдаткычтарын сатып алууга конкурс жарыяланган. Каралган каражаттардын суммасы 4 734,8 миң сомду түзүп бир этаптуу ыкма колдонулган. Конкурска 3 талапкер катышып жана төмөндөгү сунуштарды беришкен:

- “Карабин” ЖЧКсы – 4 350,6 миң сом;
- “Азия Энерго Проект” ЖЧКсы - 4 699,8 миң сом;
- ЖИ Шатурный - 3 963,0 миң сом.

Конкурстун жыйынтыгы менен конкурстук сунуштарды ачуу 08.04.2022-жылдагы протоколуна ылайык: жеңүүчү болуп ЖИ Шатурный табылган, 19.04.2022-жылдагы №242 келишими түзүлгөн. 01.01.2023-жылга жабдуучунун карызы жок.

3. “Кыргызнефтегаз” ААКсынын учурдагы муктаждыктарын камсыздоо үчүн электрдик материалдарды сатып алууга 11.05.2022-жылы вэб порталга бир лот менен жарыя берилген (220511330773029), сатып алууга каралган каражаттын суммасы 2 004,415 миң сомду түзгөн жана жөнөкөйлөтүлгөн усул колдонулган. Конкурска 2 талапкер катышып, төмөндөгү сунуштарды беришкен:

- “Акмарал+” ЖЧКсы - 1 776,4 миң сомго;
- ЖИ Толубаев – 1 730,0 миң сомго.

Конкурстун жыйынтыгы менен конкурстук сунуштарды ачуу 18.05.2022-жылдагы протоколуна ылайык, жеңүүчү болуп эң төмөн баасы менен ЖИ Толубаев табылган, 06.06.2022-жылдагы №356 келишими түзүлгөн, 01.01.2023-жылга карызы жок.

4. 13.05.2022-жылы конкурстун 220512331363133 саны боюнча эмерек сатып алуу үчүн жөнөкөйлөтүлгөн усул колдонулуп, конкурс жарыяланган. Сатып алууга 1 472,657 миң сом каражат бөлүнгөн. Конкурста 3 талапкер төмөндөгү сунуштарды беришкен:

- “Мурабах” ЖЧКсы - 1 499,5 миң сомго;
- ЖИ Асанбаев - 947,1 миң сомго;
- “Диамир” ЖЧКсы - 1 111,0 миң сомго.

Конкурстун жыйынтыгы менен конкурстук сунуштарды ачуу 13.05.2022-жылдагы протоколуна ылайык, жеңүүчү болуп эң төмөн баасы менен ЖИ Асанбаев табылган, 17.06.2022-жылдагы №396 келишими түзүлгөн, 01.01.2023-жылга карызы жок.

5. Номер 220513331281725 сандуу нефть промыслосунун жабдууларын сатып алууга 13.05.2022-жылы жөнөкөйлөтүлгөн усул колдонулуп, конкурс жарыяланган. Конкурс 3 лоттон түзүлүп, 6 018,8 миң сом каражат каралган. Конкурста 6 талапкер төмөндөгү сунуштарды беришкен:

- “Реактив-Снаб” ЖЧКсы - 1 250,0 миң сомго;
- ЖИ Шатруный – 1 384,0 миң сомго;
- “Кей Би Эс групп” ЖЧКсы - 1 200,0 миң сомго;
- “Премиум Голд” ЖЧКсы - 1 259,0 миң сомго;

- “ЭСКью” ЖЧКсы - 1 275,0 миң сомго жана “Тайманбас” ЖЧКсы.

Конкурстун жыйынтыгы менен конкурстук сунуштарды ачуу 13.05.2022-жылдагы протоколуна ылайык: 1-лот боюнча жеңүүчү болуп “ЭСКью” ЖЧКсы табылган, 09.06.2022-жылдагы №375 келишими түзүлгөн; 2-лот боюнча жеңүүчү болуп “Кей Би Эс групп” ЖЧКсы табылган, 09.06.2022-жылдагы №376 келишими түзүлгөн; 3-лот боюнча катышуучулардын саны жетишсиз болгондуктан жокко чыгарылган. 01.01.2023-жылга жабдуучулардын карыздары жок.

6. 11.05.2022-жылы веб порталга 1 лот менен подшипниктерди сатып алууга конкурс жарыяланган. Каралган каражаттардын суммасы 15 517,4 миң сомду түзүп жөнөкөйлөтүлгөн усул. Конкурска 3 талапкер катышып жана төмөндөгү сунуштарды беришкен:

- “Тоо Ашкан” ЖЧКсы – 11 836,4 миң сом;
- “Аман Роуд” ЖЧКсы - 11 358,4 миң сом;
- “Авто деталь трейд” ЖЧКсы – 10 693,6 миң сом.

Конкурстун жыйынтыгы менен конкурстук сунуштарды ачуу 11.05.2022-жылдагы протоколуна ылайык, жеңүүчү болуп эң төмөн баасы менен “Авто деталь трейд” ЖЧКсы табылган, 07.06.2022-жылдагы №360 келишими түзүлгөн, 01.01.2023-жылга карызы жок.

2022-жылдын 21-июнунда № 5 директорлор кеңешинин протоколу бекитилип берилген “сатып алуу жол-жоболорун уюштуруу жана ишке ашыруу эрежелерине” ылайык Tenders.kg сайтында сынактар жарыяланган.

Аудитке берилген маалыматтарга ылайык, 2022-жылдын 1-июлунан тартып 2022-жылдын 31-декабрына чейинки мезгилде “Кыргызнефтегаз” ААКсы тарабынан:

1. 15.07.2022-жылы чексиз катышуу жолу менен насостук-компрессордук түтүктөрдү сатып алууга конкурс жарыяланган. Сатып алууга 46 551,8 миң сом каражат бөлүнгөн. Конкурста 2 талапкер төмөндөгү сунуштарды беришкен:

- “Ника КГ” ЖЧКсы - 43 640,0 миң сомго;
- “ЭЛКА” ЖЧКсы - 44 000,0 миң сомго.

Конкурстун жыйынтыгы менен конкурстук сунуштарды ачуу 25.07.2022-жылдагы протоколуна ылайык, жеңүүчү болуп эң төмөн баасы менен “Ника КГ” ЖЧКсы табылган, 09.08.2022-жылдагы №468 келишими түзүлгөн, 01.01.2023-жылга карызы жок.

2. “Кыргызнефтегаз” ААКсынын муктаждыктарын канааттандыруу үчүн автоунааларды жана атайын техникаларды сатып алууга 27.07.2022-жылы чексиз катышуу жолу менен 2 лоттон болгон сынак жарыяланган. Сынакта 2 талапкер төмөндөгү сунуштарды беришкен:

**1-лот:** - “СтройДорМашСервис” ЖЧКсы - 10 022,4 миң сомго;

- “Вираж” ЖЧКсы - 5 200,0 миң сомго.

**2-лот:** - “СтройДорМашСервис” ЖЧКсы - 7 700,0 миң сомго;

- “Вираж” ЖЧКсы - 7 832,0 миң сомго.

Конкурстун жыйынтыгы менен конкурстук сунуштарды ачуу 04.08.2022-жылдагы протоколуна ылайык: 1-лот боюнча жеңүүчү болуп “Вираж” ЖЧКсы табылган, 05.09.2022-жылдагы №521 келишими түзүлгөн; 2-лот боюнча жеңүүчү болуп “СтройДорМашСервис” ЖЧКсы табылган, 05.09.2022-жылдагы № 522 келишими түзүлгөн. 01.01.2023-жылга жабдуучулардын карыздары жок.

3. 24.08.2022-жылы чексиз катышуу жолу менен бургулоо суюктуктарынын компоненттерин сатып алууга конкурс жарыяланган. Сатып алууга 58 769,95 миң сом каражат бөлүнгөн. Конкурста 3 талапкер төмөндөгү сунуштарды беришкен:

- “Аман-Роуд” ЖЧКсы - 42 800,0 миң сомго;
- “Орозбай Ажы” ЖЧКсы - 56 100,0 миң сомго;
- “ХимСнаб” ЖЧКсы - 52 769,0 миң сомго.

Конкурстун жыйынтыгы менен конкурстук сунуштарды ачуу 01.09.2022-жылдагы протоколуна ылайык, жеңүүчү болуп эң төмөн баасы менен “Аман-Роуд” ЖЧКсы табылган, 14.09.2022-жылдагы №537 келишими түзүлгөн, 01.01.2023-жылга карызы жок.

4. 26.08.2022-жылы бургулоо суюктугунун айлануу системасын сатып алууга 40 120,0 миң сом каражат каралган, чексиз катышуу жолу колдонулган. Сынакта 3 талапкер катышып, төмөндөгү сунуштарды беришкен:

- “Аман-Роуд” ЖЧКсы - 36 635,0 миң сомго;
- “Приоритет Холдинг” ЖЧКсы - 36 660,9 миң сомго;
- “Китайская нефтяная компания” ЖЧКсы - 37 120,0 миң сомго.

Конкурстун жыйынтыгы менен конкурстук сунуштарды ачуу 02.09.2022-жылындагы протоколуна ылайык жеңүүчү болуп “Аман-Роуд” ЖЧКсы табылган, 14.09.2022-жылдагы №538 келишими түзүлгөн. 01.01.2023-жылга жабдуучулардын карыздары жок.

5. 03.10.2022-жылы чексиз катышуу жолу менен 2 лоттон болгон автоунааларды жана атайын техникаларды сатып алууга сынак жарыяланган. 29 376,4 миң сом каражат бөлүнгөн. Сынакта 2 талапкер төмөндөгү сунуштарды беришкен:

**1-лот:** - “Мираж” ЖЧКсы - 15 500,0 миң сомго;
- “Вираж” ЖЧКсы - 15 700,0 миң сомго.

**2-лот:** - “Мираж” ЖЧКсы - 13 300,0 миң сомго;
- “Вираж” ЖЧКсы - 13 200,0 миң сомго.

Конкурстун жыйынтыгы менен конкурстук сунуштарды ачуу 10.10.2022-жылдагы протоколуна ылайык: 1 жана 2-лот боюнча жеңүүчү болуп “Вираж” ЖЧКсы табылган, 02.11.2022-жылдагы №630 келишими түзүлгөн. 01.01.2023-жылга жабдуучулардын карыздары жок.

6. 11.11.2022-жылы чексиз катышуу жолу менен бургулоочу жабдуулардын тетиктерин сатып алууга конкурс жарыяланган. Сатып алууга 7 549,9 миң сом каражат бөлүнгөн. Конкурста 5 талапкер төмөндөгү сунуштарды беришкен:

- “Капитал Трейд” ЖЧКсы - 5 804,8 миң сомго;
- “Кей Би Эс групп” ЖЧКсы - 3 795,0 миң сомго;
- “Мираж” ЖЧКсы - 7 200,0 миң сомго;
- “Приоритет Холдинг” ЖЧКсы - 6 820,2 миң сомго;
- “Экспресс Деливери” ЖЧКсы - 6 960,0 миң сомго.

Конкурстун жыйынтыгы менен конкурстук сунуштарды ачуу 21.11.2022-жылдагы протоколуна ылайык, жеңүүчү болуп эң төмөн баасы менен “Кей Би Эс групп” ЖЧКсы табылган, 09.12.2022-жылдагы №703 келишими түзүлгөн, 01.01.2023-жылга карызы жок.

7. “Кыргызнефтегаз” ААКсынын тарабынан тамак азыктарын чексиз катышуу жолун колдонуу менен 17.11.2022-жылы сынак жарыяланган. Сынакка 3 246,7 миң сом каражат каралган. Конкурста 2 талапкер төмөндөгү сунуштарды беришкен:

**1-лот:** - “Береке ИсАй” ЖЧКсы - 1 870,0 миң сомго;
- “Меке топурак Р” ЖЧКсы - 950,6 миң сомго.

**2-лот:** - “Береке ИсАй” ЖЧКсы - 1 873,1 миң сомго;
- “Меке топурак Р” ЖЧКсы - 983,5 миң сомго.

Конкурстун жыйынтыгы менен конкурстук сунуштарды ачуу 25.11.2022-жылдагы протоколуна ылайык: 1 жана 2-лот боюнча жеңүүчү болуп “Меке топурак Р” ЖЧКсы табылган, 06.12.2022-жылдагы №694 келишими түзүлгөн. 01.01.2023-жылга жабдуучулардын карыздары жок.

**Корутунду**

2022-жылы өткөрүлгөн конкурстар боюнча утуп алуучулар тарабынан келишимдерди өз убагында аткарбагандыгы боюнча туумдар эсептелип, аткаруучуларга (подрядчыларга) төлөө үчүн эсеп-фактуралары коюлган сумма 1092,5 миң сомду түзүп төлөнгөн. Мындан тышкары, келишимдин аткарылышынын гарантиялык камсыздоо суммасы 577,4 миң сом келишимдердеги милдеттемелерди аткарбагандыгына байланыштуу кармалган.

Белгилей кете турган нерсе, “Кыргызнефтегаз” ААКсында сатып алуулар боюнча 19 адамдан турган бөлүм иш жүргүзүп келет. Бөлүмдө сатып алууларды өткөрүүгө сертификаттары жок, директордун орун басары менен 11 адис иш алып барышкан. Бирок сатып алуучу уюмдун сатып алуулар бөлүмүнүн бардык адистери мамлекеттик сатып алуулар жаатында сертификацияланган адистер болууга тийиш.

**Сунуш**

Коомдун сатып алууга каралып, план менен бекитилген каражаттарынын өз убагында өздөштүрүлүүсү камсыз кылынсын.

## Өндүрүштө колдонулуучу кызматтык автоунаалардын пайдалануусуна аудит

Технологиялык транспорт башкармалыгы, “Кыргызнефтегаз” ААКсынын түзүмдүк бөлүмү болуп саналат, бүтпөгөн балансы жана өзүнүн

өндүрүштүк ишин “Кыргызнефтегаз” ААКсынын Башкармалыгынын төрагасы бекиткен Жобого ылайык жүргүзөт.

Технологиялык транспорт башкармалыгынын (мындан ары - ТТБ) башкы милдеттери болуп: өз убагында, сапаттуу транспорт жана атайын техникалар менен “Кыргызнефтегаз” ААКсынын түзүмдүк бөлүмдөрүн камсыздоо. Нефти жана газ өндүрүү пландарын аткарууга, нефти жана газ скважиналарын курууга көмөктөшүү, ошондой эле башка мекеме-уюмдарга, калкка акылуу кызмат көрсөтүү болуп саналат.

ТТБнын түзүмүнө 5 автоколонна, 1 трактордук колонна, борборлоштурулган механикалык оңдоочу устакана, техникалык оңдоочу жай 1, техникалык ондоочу жай 2 жана башкаруу аппараты кирет.

31.12.2022-жылга “Кыргызнефтегаз” ААКсынын ТТБнын балансында 334 автоунаа бар болуп, анын ичинде: №1 автоколоннада 81 бирдик, №2 автокалоннада 69 бирдик, №3 автоколоннада 74 бирдик жана трактордук колоннада 44 бирдик, Арка автоколоннасында 47 бирдик, Чангыр-Таш участкасында 19 бирдик автоунаа.

334 бирдик автоунаа ичинде: жүк ташуучу автоунаалар 121 бирдик, женил автоунаалар 38 бирдик, автобустар 53 бирдик, атайын автоунаалар 80 бирдик жана 42 бирдик тракторлор бар.

“Кыргызнефтегаз” ААКсынын ТТБсы боюнча 2022-жылга тейлөөнүн пландык көлөмү 107,2 %га аткарылган (план боюнча 560,7 миң маш. саат болсо, факт боюнча 600,9 миң маш. саат). Тейлөө кызматын аткаруу буюртмачылардын табыштамаларына байланыштуу.

Техникалык даярдык коэффициенти план боюнча 0,850 түзсө, факт 0,932 түзүп, 109,6 %га аткарылган.

Паркты пайдалануу коэффициенти план боюнча 0,535 түзсө, факт 0,565 түзүп, 105,6 %га аткарылган.

## Коммуналдык чыгымдарга аудит

Электр жана жылуулук энергиясын керектөөнүн негизсиз өсүшүнө жол бербөө үчүн, мамлекеттик мекемелерге электр жана жылуулук энергиясына, сууга акча төлөөгө каралган лимиттери жогоруда турган мекемеден бекитилген лимит жок. Аудит мезгил аралыгында коммуналдык чыгымдар фактылай колдонулган чыгымдарына коюлган эсеп-фактуралардын негизинде, коммуналдык кызмат мекемелеринин эсептешүү эсептерине которулуп келет.

## Дебитордук жана кредитордук карыздар

### Дебитордук карыздар

2022-жылдын 31-декабрына “Кыргызнефтегаз” ААКсынын бухгалтердик эсептеринде катталган дебитордук карыздардын жалпы суммасы 826 416,4 миң сомду түзгөн. Дебитордук карыздардын ичинен негизги дебитордук карыздар төмөнкүлөр:

| № | Аталышы | Эмне үчүн | Суммасы, мин.сом: |
|---|---|---|---|
| 1 | “Кыргызтеплоэнерго” МИ | мазут | 359 560,0 |
| 2 | “Электр станциялар” ААК Ош ЖЭБ | мазут | 36 837,0 |
| 3 | “Спецсервис” ЖЧК | Жүк көтөрүүчү техника | 7 874,5 |
| 4 | “Аман Роуд” ЖЧК | Мобильдик бургулоочу станок | 73 338,3 |
| 5 | “Кыргызтеплоэнерго” МИ | ГОИД | 22 704,3 |
| 6 | “Электр станция” ААК Ош ЖЭБ | ГОИД | 8 471,6 |
| 7 | “Разрез Ак-Улак” ЖЧК | Көмүр алуу үчүн төлөм | 18 184,4 |
| 8 | “КПК” ЖАК | Баштапкы салым | 245 828,5 |
| 9 | Башка дебитордук карыздар | | 53 617,8 |
| | **Жалпы:** | | **826 416,4** |

Күз-кыш мезгилинде жылуулук менен камсыздоочу ишканаларга үзгүлтүксүз мазут жеткирип берүүнүн эсебинен “Кыргызтеплоэнерго” мамлекеттик ишканасынан жана “Электр станция” ААКсынын Ош ЖЭБ ишканасынан дебитордук карыздар келип чыккан.

- 2014-жылдын октябрь айында түзүлгөн №425 келишимдин негизинде “Спецсервис” ЖЧКсына алдын ала төлөм жүргүзүлгөн. “Спецсервис” ЖЧКсы бульдозерди өз убагында жеткирип бербегендиктен, азыркы учурда Россия Федерациясынын Кабардино-Балкар Республикасынын Арбитраждык сотуна “Кыргызнефтегаз” ААКсы доо арыз менен кайрылып, соттук иштер жүргүзүлүп жатат;

- “Аман Роуд” ЖЧКсы менен 2022-жылдын 21-апрелинде түзүлгөн №254 келишими боюнча мобилдик бургулоочу станокко алдын ала төлөм жүргүзүлгөндүктөн дебитордук карыз келип чыккан;

- “Кыргызтеплоэнерго” МИ жана “Электрические станции” ААКсы Ош ЖЭБи менен түзүлгөн келишимдин негизинде аткаруу кепилдиги которулуп дебитордук карыз келип чыккан;

- “Разрез Ак-Улак” АК дебитордук карызын жабуу үчүн көмүр берүү талабы коюлган. Азыркы кундө “Разрез Ак-Улак” АК банкрот болуп жарыяланган жана атайын администратордун башкаруусунда, юридикалык бөлүм тарабынан иш жүргүзүлүүдө;

- 2012-жылы “Кыргызнефтегаз” ААКсы тарабынан “Кыргыз Петролеум Компани” ЖАКсынын акцияларын сатып алынган жана баштапкы салымын кайтарып берүү боюнча талабы “Кыргызнефтегаз” ААКсына өткөн. Азыркы убакытта дебитордук карыз ишкананын мүмкүчүлүгүнө карап төлөнүп келе жатат.

## Кредитордук карыздар

2022-жылдын 31-декабрына “Кыргызнефтегаз” ААКсынын бухгалтердик эсептеринде катталган кредитордук карыздардын жалпы суммасы 584 109,6 миң сомду түзгөн. Кредитордук карыздардын ичинен негизги кредитордук карыздар төмөнкүлөр :

| № | Аталышы | Эмне үчүн | Суммасы мин. сом: |
|---|---|---|---|
| 1 | “Азия энерго проект” ЖЧК | Насостор | 17380 ,0 |
| 2 | “Приоритет Холдинг” ЖЧК | Бургулоочу запастык бөлүктөр | 12 225 ,8 |

| | | | |
|---|---|---|---|
| 3 | “Дос Трейд компании” ЖЧК | Трубалар | 21635,3 |
| 4 | “Автомаш-Радиатор” ЖЧК | УАЗ | 15 240,0 |
| 5 | “Кей би Эс Групп” ЖЧК | агрегат | 11 095,0 |
| 6 | “Стройдормашсервис” ЖЧК | көтөрүү техникасы | 11 900,0 |
| 7 | “Энергоресурсы Средней Азии” ЖЧК | ГРП | 61 500,0 |
| 8 | “AROIL Limited” | Мазут | 192 888,7 |
| 9 | “Партнер Нефть” ЖЧК | КМЗ | 25 847,5 |
| 10 | “Аман Роуд” ЖЧК | ГОИД | 8 873,7 |
| 11 | “Приоритет Холдинг” ЖЧК | ГОИД | 5 661,9 |
| 12 | Башка кредитордук карыздар | | 199 861,7 |
| | Жалпы: | | 584 109,6 |

Жогоруда көрсөтүлгөн кредитордук карыздардын ичинен эң чоң көлөмдүү кредитордук карыздардын себептери:

- “Азия энерго проект” ЖЧКсы 2022-жылдын 5-августунда түзүлгөн №464 келишимди 2022-жылдын 12-декабрында аткарып, насосторду жеткирип бергендиги үчүн;
- “Приоритет Холдинг” ЖЧКсы 2022-жылдын 21-сентябрындагы түзүлгөн №555 келишимди 2022-жылдын 26-декабрында аткарып, бургулоочу запастык бөлүктөрдү жеткирип бергендиги үчүн;
- “Дос Трейд компании” ЖЧКсы 2022-жылдын 26-декабрында түзүлгөн №723 келишимди 2022-жылдын 29-декабрында аткарып, трубаларды жеткирип бергендиги үчүн;
- “Автомаш-Радиатор” ЖЧКсы 2022-жылдын 21-октябрында түзүлгөн №610 келишимди 2022-жылдын 30-ноябрында аткарып, автомобиль УАЗ жеткирип бергендиги үчүн;
- “Кей би Эс Групп” ЖЧКсы 2022-жылдын 14-ноябрында түзүлгөн №648 келишимди 2022-жылдын 9-декабрында аткарып, ширетүүчү агрегаттарды жеткирип бергендиги үчүн;
- “Стройдормашсервис” ЖЧКсы 2022-жылдын 5-сентябрында түзүлгөн №520 келишимди 2022-жылдын 16-декабрында аткарып, көтөрүү техникасын жеткирип бергендиги үчүн;
- “Энергоресурсы Средней Азии” ЖЧКсы 2022-жылдын декабрь айында атайын жасалган суюктук менен жердин катмарын жарака кетирүү боюнча актыларды тапшыргандыгы үчүн;
- “AROIL Limited” мазут алуу үчүн алдын ала төлөм жүргүзүлгөндүктөн;
- “Партнер Нефть” ЖЧКсы дизтопливо алуу учун алдын ала төлөм жүргүзүлгөндүктөн;
- “Аман Роуд” ЖЧКсы жана “Приоритет Холдинг” ЖЧКсы менен түзүлгөн келишимдин негизинде аткаруу кепилдигин которгондугу үчүн.

Жогоруда көрсөтүлгөн кредитордук карыздар 2023-жылы “Кыргызнефтегаз” ААКсы тарабынан толугу менен төлөнүп берилген.

**Аныкталды жана корутунду**

01.01.2022-жылга Коомдун бухгалтердик эсептеринде катталган дебитордук карыздардын жалпы суммасы 662 410,0 миң сомду түзгөн. Жыл

ичиндеги дебитордук карыздын жүгүртүүсү 7 265 249,5 миң сом болуп, кредитордук карыздын жүгүртүүсү 7 101 243,0 миң сомду түзгөн. Ал эми 31.12.2022-жылга Коомдун бухгалтердик эсептеринде катталган дебитордук карыздардын жалпы суммасы 826 416,5 миң сомду түзгөн.

Жогоруда көрсөтүлгөн дебитордук карыздардын ичинен эң чоң көлөмдөгү дебитордук карыздар:

| № | Аталышы | 01.01.2022-жылына калдык | Дебитордук карыздын жүгүртүүсү | Кредитордук карыздын жүгүртүүсү | 31.12.2022-жылына калдык |
|---|---|---|---|---|---|
| 1411 | "Күйүүчү мунай зат боюнча төлөнүүчү эсептер" | 292 762,8 | 4 871 728,7 | 4 768 092,7 | 396 398,9 |
| 1412 | "Чийки мунай боюнча төлөнүүчү эсептер" | 1 252,5 | 1 317 614,0 | 1 318 771,7 | 94,7 |
| 1413 | "Табигый газ боюнча төлөнүүчү эсептер" | 17 030,8 | 142 420,5 | 148 140,5 | 11 310,8 |
| 1414 | "Мунай сатуу 10% кызмат көрсөтүү боюнча төлөнүүчү эсептер" | 0 | 158 222,3 | 158 222,3 | 0 |
| 1424 | "Электр энергия боюнча төлөнүүчү эсептер" | 3 564,1 | 40 165,8 | 38 650,03 | 5 079,9 |
| 1429 | "Кызматтар боюнча төлөнүүчү эсептер" | 8 869,1 | 179 279,4 | 179 130,4 | 9 018,1 |
| 1590 | "Башка дебитордук карыздар" | 27 834,4 | 19 142,7 | 12 972,1 | 34005,0 |
| 1531 | "Киреше үчүн алдын ала төлөнгөн салык" | 0 | 347 789,3 | 340 794,8 | 6 994,5 |
| 1810 | "Запастар үчүн алдын ала төлөнгөн каражат" | 7 874,5 | 73 338,3 | 0 | 81212.8 |
| 1820 | "Кызматтар үчүн алдын ала төлөнгөн каражат" | 4 287,8 | 62 063,1 | 65 881,2 | 469,7 |
| 2790 | "Башка узак мөөнөттүү дебитордук карыздар" | 265 828,5 | 0 | 20 000,0 | 245 828,5 |

21.12.1995-жылы Кыргыз Республикасынын Өкмөтүнүн Өнөр-жай, соода жана ишкердик министрлигинин "Кыргызнефть" нефть өндүрүү өндүрүштүк ишканасынын, Ацтек-Талас Инк. жана "Франс Хайдроукарбонс Лимитед" (мындан ары-ФХЛ) ортосунда түзүлгөн инвестициялык келишимге ылайык, "Кыргыз Петролеум Компани" жабык акционердик коому (мындан ары –"КПК" ЖАК) түзүлгөн. Келишимдин шарттарына ылайык, ФХЛдин алгачкы взностун 23,0 млн. АКШ доллар, "Кыргызнефтинин" 3/7 бөлүгү алгачкы взностун же 9,867 млн. АКШ долларын түзгөн.

"КПК" ЖАКсынын уставдык капиталындагы тиешелүү взносторду эске алып, "Кыргызнефть" жана ФХЛ 50 % акционердик катышка ээ болгон, ар бир жак кирешени өзүнүн тиешесине жараша алган. Дивидендтер болсо ФХЛге 70 %, Кыргызнефтке 30 % төлөнөт, анткени алгачкы капитал катары ФХЛ 29 000,0 млн АКШ долларын киргизген, Кыргызнефть 12 413,0 млн доллар, баары болуп 41 413,0 млн. АКШ доллар киргизилген. Келишим боюнча алгачкы капитал толук төлөнүп бүткөнгө чейин пайда алынбай тургандыгы белгиленген.

"Кыргызнефтегаздын" алгачкы взносу 07.05.1996-жылдагы акционерлер келишимине ылайык ар кандай негизги каражаттар түрүндө салынган. 2012-жылдын ноябрь айына чейин алгачкы взносторду кайтаруу "Петрокыргызстан ЛТДга" – 70 %, "Кыргызнефтегазга" – 30 % болуп кайтарылып турган. 2012-жылдын ноябрь айында 02.10.2012-жылдагы №362

“КПК” ЖАКсынын акцияларын сатып алуу келишимине ылайык, “Кыргызнефтегаз” ААКсы “Петрокыргызстан” ЛТДнын укуктарын сатып алып, “Кыргызнефтегаз” алгачкы взносторду 100 % өлчөмүндө ала баштаган.

Ошентип, алгачкы взносту талап кылуу укугу 11 185,3 млн. АКШ долларын түзөт, укуктарды алуу убагындагы курс менен 527 820,0 миң сом болгон.

2012-жылдын 5-октябрындагы 100 % акцияга болгон “Петрокыргызстан” ЛТДнын укуктары “Кыргызнефтегаз” ААКсына өткөрүлгөн.

01.01.2022-жылга карата “Кыргызнефтегаз” ААКсынын баштапкы салымынын калдыгы бухгалтердик эсеп боюнча 265 828 миң сомду түзөт.

2022-жыл ичинде Директорлор Кеңешинин чечиминин негизинде “КПК” ЖАКсы “Кыргызнефтегаз” ААКсына 20,0 млн. сомдук взнос акча түрүндө төлөгөн, 31.12.2022-жылга карата калдык 245 828 миң сомду түзөт.

01.01.2022-жылга Коомдун бухгалтердик эсептеринде катталган кредитордук карыздардын жалпы суммасы 259 416,2 миң сомду түзгөн. Жыл ичиндеги дебитордук карыздын жүгүртүүсү 9 178 448,2 миң сом болуп, кредитордук карыздын жүгүртүүсү 9 503 141,7 миң сомду түзгөн. Ал эми 31.12.2022-жылга Коомдун бухгалтердик эсептеринде катталган кредитордук карыздардын жалпы суммасы 584 109,6 миң сомду түзгөн.

Жогоруда көрсөтүлгөн кредитордук карыздардын ичинен эң чоң көлөмдөгү кредитордук карыздар:

| **№** | **Аталышы** | **01.01.2022-жылына калдык** | **Дебитордук карыздын жүгүртүүсү** | **Кредитордук карыздын жүгүртүүсү** | **31.12.2022-жылына калдык** |
|---|---|---|---|---|---|
| 3110 | “Запастар боюнча төлөп берүүчү эсептер” | 100 473,3 | 1 902 250,3 | 1 978 896,9 | 177 119,9 |
| 3111 | “Бүтүрүлгөн жумуштар боюнча төлөп берүүчү эсептер” | 10 020,1 | 449 329,2 | 523 747,1 | 84 438,0 |
| 3119 | “Башка өндүрүштүк эмес максаттар боюнча төлөп берүүчү эсептер” | 2 634,2 | 11 132,5 | 8 498,3 | 0 |
| 3190 | “Кызматтар боюнча төлөп берүүчү эсептер” | 10 122,7 | 463 785,4 | 499 884,1 | 46 221,4 |
| 3211 | “Куйуучу мунай зат боюнча төлөп берүүчү эсептер” | 103 427,0 | 4 586 068,6 | 4 702 985,8 | 220 344,2 |
| 3212 | “Чийки мунай боюнча төлөп берүүчү эсептер” | 1 091,3 | 1 318 537,9 | 1 318 628,7 | 1 182,1 |
| 3213 | “Табигый газ боюнча төлөп берүүчү эсептер” | 175,3 | 177 973,5 | 177 939,4 | 141,2 |
| 3217 | “Суу боюнча төлөп берүүчү эсептер” | 259,5 | 15 220,1 | 15 090,7 | 130,1 |
| 3224 | “Электр энергия боюнча төлөп берүүчү эсептер” | 0,6 | 38 640,7 | 38 642,7 | 2,5 |
| 3229 | “Кызматтар боюнча төлөп берүүчү эсептер” | 5,8 | 95 334,2 | 95 329,4 | 1,0 |
| 3390 | “Башка кыска мөөнөттүү карыздык милдеттемелер боюнча төлөп берүүчү эсептер” | 30 549,2 | 87 454,4 | 110 871,6 | 53 966,4 |

**Сунуш**

Коом дебитордук карыздарды кыскартуу боюнча тиешелүү иш алып баруу менен, каражаттарды сарамжалдуу жана натыйжалуу пайдалануу үчүн, алдын ала төлөмдөр келишимдин шарттарына ылайык жүргүзсүн.

**Курулуш-монтаждоо иштерине, күнүмдүк жана капиталдык ремонтторго аудит**

Аудит камтыган мезгил аралыгында "Кыргызнефтегаз" ААКсы өздүк каражат эсебинен аткарылган иштердин актылары боюнча, курулуш-куроо боюнча Эсептөө палатасынын мамлекетик инспекторлорунун жетишсиздигинен жана аудитке катышпагандыгына байланыштуу, аудит убактысында Коомдо жүргүзүлгөн куруу иштеринин көлөмү, иштердин баасынын тууралыгы жана курулуш иштерине өткөрүлгөн сынактардын тууралыгы боюнча аудит жүргүзүлгөн жок.

**Аныкталды жана корутунду**

2022-жылга "Кыргызнефтегаз" ААКсында капиталдык курулуш куроо иштери 45 848,3 миң сомго бүткөрүлгөн, капиталдык оңдоп-түздөө иштери 31 107,4 миң сомго жана утурумдук оңдоп-түздөө иштери 8 622,6 миң сом, жалпы 85 578,3 миң сомду түзгөн, ушул оңдоп-түздөө жана куруу иштерди "Кыргызнефтегаз" ААКсынын курулуш-монтаждоо участогу тарабынан аткарылган. Бухгалтердик отчетто, аткара турган куруу жана оңдоп-түздөө иштерине деффектик актысы жок экенин аудит белгилейт.

Мындан тышкары, 2022-жылы "Кыргызнефтегаз" ААКсы тарабынан конкурстар өткөрүлүп келишимдердин негизинде капиталдык курулуш куруу иштеринин жалпы суммасы 154 781,0 миң сом, ал эми подрядчылар тарабынан аткарылган иштеринин суммасы 131 614,4 миң сом. Келишимде көрсөтүлгөн убагында оңдоп-түздөө иштерин бүтүрбөгөн подрядчыларга туум 368,3 миң сом эсептелип өндүрүлгөн. 31.12.2022-жылга аткарыла турган оңдоп-түздөө иштеринин суммасы 21 296,0 миң сомду түзгөн.

**Сунуш**

Коом тарабынан оңдоо иштери боюнча бекитилген пландын негизинде каражаттардын өз убагында өздөштүрүлүшүнө көңүл бурулсун жана имараттарды оңдоп-түздөө иштерин баштоодо деффектик актынын жана сметанын түзүлүшү камсыздалсын.

**"Кыргыз Петролеум Компани" Жабык акционердик коому**

"Кыргыз Петролеум Компани" Жабык акционердик коому (мындан ары - "Кыргыз Петролеум Компани" ЖАК, "Коом") алгач 1996-жылдын 17-майында Кыргыз Республикасынын 1991-жылдын 26-июнунда кабыл алынган (кийинки өзгөртүүлөр жана толуктоолордон) "Акционердик коомдор жөнүндө", 1991-жылдын 28-июнунда кабыл алынган "Кыргыз Республикасындагы чет өлкөлүк инвестициялар жөнүндө" (кийинки өзгөртүүлөр жана толуктоолор менен), Кыргыз Республикасынын "Жалпы

Кыргыз Республикасындагы тышкы экономикалык иштин принциптери” 1991-жылдын 18-апрелиндеги № 425-XII жана Кыргыз Республикасынын башка ченемдик укуктук актылары окшош ишканалардын түзүлүшү жана ишмердүүлүгү жөнүндө мыйзамдарына ылайык катталган.

“Кыргыз Петролеум Компани” Жабык акционердик коому Кыргызстандагы алдыңкы нефтепродуктыларды өндүрүүчүлөрдүн бири болуп эсептелет, акциянын 100 %ы “Кыргызнефтегаз” ААКсына тиешелүү.

Коом нефтиден жана башка чийки заттардан нефтепродуктыларды өндүрөт жана иштеп чыгуу кызматын көрсөтөт.

Нефтини кайрадан иштеп чыгуучу “Кыргыз Петролеум Компани” ЖАКсы 1996-жылы “Petrofac Resources International LTD” бирге түзүлгөн. Нефтини ректификациялоону орнотуу, 30,5* API тыгыздыгы (суткасына 1590 $м^3$ көлөмдө 872 $кг/м^3$), (суткасына 10 миң баррел) менен “Кыргызнефтегаз” ААКсынын нефти кенинин аз күкүрттүү нефтини иштеп чыгуу үчүн долбоорлонгон.

Ректификациялоо процесси үч түрдөгү продукцияны алууга мүмкүндүк берет: түз перегонка кылынган бензин, дизель отуну, жагылуучу мазут.

Техникалык регламентке ылайык, “Кыргыз Петролеум Компани” ЖАКсынын нефтинин кайра иштеп чыгуучу заводунда даяр продукциянын үч түрү чыгарылат:

1. этилделбеген Аи-80 маркасындагы автомобиль бензини;
2. Л-0.2-62, Л-0.2-40, Л-0.5-62, Л-0.5-40 жайкы маркадагы дизель отуну;
3. Жагылуучу мазут 100.

**Аныкталды жана корутунду**

“Кыргыз Петролеум Компани” ЖАКсынын 2022-жылга бюджети бизнес-план түзүлбөстөн жана бекитилбестен түзүлгөн. Бизнес-план, бул “Кыргыз Петролеум Компани” ЖАКсынын 2022-жылга бюджетин материалдык, эмгек жана финансылык ресурстарды сарамжалдуу пайдалануу менен бекитилген пландарды жана тапшырмаларды аткарууга багытталган, өндүрүштүк-чарбалык иштин комплекстүү программасы болуп саналат.

Бюджет өткөн жылдагы техникалык-экономикалык көрсөткүчтөрдүн жетишилген деңгээлине жана ишкананын реалдуу мүмкүнчүлүктөрүнө жана жакын арадагы белгиленген жетишкендиктерге таянуу менен иштелип чыгылган эмес.

**Сунуш**

“Кыргыз Петролеум Компани” Жабык акционердик коомунун бюджети бизнес-пландын негизинде түзүлсүн, ошондой эле акча каражаттарынын жана башка чыгымдарынын натыйжалуу жана сарамжалдуу колдонулушуна көңүл бурулсун.

**Аныкталды жана корутунду**

31.12.2022-жылга Коомдун бухгалтердик эсептеринде катталган дебитордук карыздардын жалпы суммасы 59 141,3 миң сомду түзгөн. Ал эми, кредитордук карызы 12 929,8 миң сомду түзгөн. Дебитордук карыздардын ичинен “Транзит Ойл” ЖЧКсынын карызы 2016-жылдан бери 16073,1 миң

сом суммасында чийки мунайды кайра иштетүү үчүн түшпөй калган каражат, бул “Кыргыз Петролеум Компани” ЖАКсы менен “Транзит Ойл” ЖЧКсынын ортосунда түзүлгөн келишим максатына жетпей, бюджеттин (кирешенин) жоготуусу болгон. Коом тарабынан 2023-жылдын август айына чейин өндүрүлбөй келген. 2023-жылдын 14-августунда Коом Кыргыз Республикасынын Соода-өнөр жай палатасынын алдындагы Эл аралык Бейтарап сотуна кайрылган, азыркы кезде иш жүрүп жатканын аудит белгилейт. Ал эми кредитордук карыздардын баары учурдагы мүнөзгө ээ.

**Сунуш**

Коомдун жетекчилиги жана жооптуу кызматкерлери тарабынан дебитордук карыздарды өндүрүү боюнча кыска мөөнөттө иш алып баруу менен бюджеттик жоготууларга жол берилбесин.

“Кыргыз Петролеум Компани” Жабык акционердик коому каражаттарды сарамжалдуу жана натыйжалуу пайдаланып, алдын ала төлөмдөрдү келишимдин негизинде гана төлөө камсыз кылынсын.

**Кыргыз Республикасынын**
**Эсептөө палатасынын аудитору** **А.А. Раматилаев**